Облустук коомдук - саясий гезит

# ЫСЫК-КӨЛ КАБАРЛАРЫ

Гезит 1938-жылдын 1-сентябрынан баштап чыгууда

Жума, 6 - сентябрь 2013-жыл №34 (11471)

СОЦИАЛДЫК АТАЙЫН САН
"КУМТӨР ГОЛД КОМПАНИ" ЖАКЫНЫН БУЙРУТМАСЫ МЕНЕН ЖАСАЛДЫ



Влад Ушаковдун сүрөттөрү

# «КУМТӨР» – КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН ФЛАГМАНЫ

*"Кумтөр" Кыргызстанга 2 млрд. 153 млн. доллар алып келген, аны эсептей келгенде 108 тонна алтынды түздү.* **4-бетте**

БУЛ САНДА:

**Т. КОЙЧУЕВ: "КЫРГЫЗСТАН "КУМТӨР" МЕНЕН МАКУЛДАШУУНУ ЖОККО ЧЫГАРУУДАН ПАЙДА ТАППАЙТ"**

*Белгилүү экономист Өкмөт менен канадалык инвестордун ортосундагы келишим бузулса, өлкөнүн экономикасы кандай абалда өнүгөөрүнө божомолун айтты* **3-бет**

**КЕЛЕЧЕКТЕГИ МАДАНИЯТТУУ МАМИЛЕЛЕРГЕ КАДАМ ЖАСАЛУУДА**

*Бизнестеги социалдык жоопкерчилик деген эмне экендиги туурасында «CSR Business Network» борборунун директору Асел Арстанбекова айтып бермекчи.* **5-бет**

**ИЙГИЛИКТИН БАЯНЫ**

*Ысык-Көл аймагынын жашоочулары кредиттик чакан компаниялардын жардамы менен жумушсуздук көйгөйүн чечип башташты* **8-9-бет**

**МЕКЕНИБИЗДИН КЕЛЕЧЕГИ ҮЧҮН БИЗ ЖООПТУУБУЗ**

*Ысык-көлдүк жаштарга өздөрүнүн ой-мүдөөлөрүн ишке ашыруу үчүн эң сонун мүмкүнчүлүктөр жаралды* **10-бет**

**«КАРАГАТ ФЕСТ»**

*Тоң районунун Бөкөнбаев айылында «Карагат фест» деп аталган мөмө-жемиш майрамы өттү.* **12,13-бет**

# САПАТЫНА КЕПИЛДИК БЕРИЛИП ЖАСАЛГАН ЖОЛ

*Ысык-Көл областында узактыгы үч чакырым үч жүз метрге жакын Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол жолунун көйгөйлүү делген жерлерин оңдоо иштери башталды. Буга "Кумтөр" 1 млн. 900 миң доллар бөлүп берди.*

Александра Глебова, которгон Азамат Бакытов

Тоң менен Бөкөнбаев айылдарынын ортосундагы кара жол жергиликтүү бийлик тарабынан өтө жаман абалда деп табылып жана аны тез арада оңдоп-түзөө зарылдыгы турган. Дөңгөлөктөн чуңкурайган издер ары-бери каттаган жергиликтүү элди эле эмес, бир келип кеткен туристтерди да бушайман кылчу. Мындай жагдай Ысык-Көлдүн түштүк жээгине эс алганы келгендерге да жакшы тааныш болуп баштаган.

"Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол жолун реконструкциялоо" долбоору боюнча жарыяланган тендерге төрт компания катышкан. Алардын ичинен жолду жасоону Жалал-Абаддагы Кара-Көл шаарынын "Империя Групп" деп аталган жоопкерчилиги чектелген ишканасы утуп алган. Муну менен адаттагыдай чет элдик жумушчу күчтөрү эмес, жергиликтүү эл, кыргызстандыктар иш менен камсыз болгонун белгилей кетсек болот.

Тендерди утуп алган жол куруу компаниясы ишке 1 миллион 400 миң доллар кетет деп эсептеди. Карай келгенде, ар бир чакырым жолго 350 миң доллар кетет экен. Үнөмдөлгөн 500 миң Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол жолун андан ары улантып оңдоого жумшалмакчы.

Аталган долбоордун артыкчылыгы муну менен эле чектелбейт. Жолго жакын жайгашкан айылдагыларга да пайдалуу болду. Себеби, тендерди Жалал-Абаддын Кара-Көл шаарынын ишканасы жеңип алгандыктан, алар сынак менен жергиликтүү элди жумушка алууда. Белгилей кетчү нерсе, алардын арасында жолду калыбына келтирүү боюнча адистер арбын болуп чыкты.

Учурда 3 чакырым 300 метрге созулган аймакта иш кызуу жүрүүдө. Тоңдун Ак-Сай айылында ташты майдалагыч орнотулуп, атайын техника алынып келинген. Жакын арада бул жерде ыкчам жайгаштырыла турган асфальт заводу курулат, андан сырткары керектүү техникалар жана каражаттар жеткирилет.

Дагы бир маанилүү жагдай, ноябрдын башында жол пайдаланууга берилгенден кийин, каракөлдүк адистер ага бир жыл бою көз салып турушмакчы. Кандайдыр бир кемчиликтер байкалса, оңдолуп, калыбына келтирилет. Бул – алардын курулуш иштерине берген кепилдиги болмокчу.

ЖАҢЫЛЫК

# ЖАРАТЫЛЫШ КЫРСЫГЫ МЕНЕН КҮРӨШ: БИЗ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРГЕН ЖОЛДОР

## Кайраттуулук менен чеберчилик – тоолуу аймактын оор шартында ийгиликтүү иш алып баруудагы айныгыс эки эреже.

*"Кумтөрдө" иштегендер жаратылыштын катаал шарттарына көнүп бүтүшкөн, жаратылыш, табигат мүнөзүн көрсөтүп, кырсык каптаган учурларда алтын кендин жумушчуларынын кесиптик чеберчилиги жана кайратмандыгы жергиликтүү элге жардамга кол сунуп келет.*



Петр Черняк,
которгон Азамат Бакытов

Августтун башында газеталар, маалымат сайттары экисинен үчүнө караган түнү "Кумтөр" кенине кеткен жолду сел жууп кеткендигин жазган эле. Андагы жаратылыш кырсыгы жана кайра калыбына келтирүү иштери боюнча бизге "Кумтөр" компаниясынын туруктуу өнүктүрүү бөлүмүнүн аймактык маалыматтык борборунун Жети-Өгүз району боюнча координатору Жолдош Кененбаев айтып берди.

"Ага чейин эки күн мурда эле жергиликтүү чабандар акыркы күндөрү аба ырайы кескин ысып кеткендиктен мөңгүлөр тез эрип жаткандыгын айтышкан. Анын айынан агын суулар нугунан кескин көтөрүлүп, бир эле мезгилде бир нече капчыгайда сел жүрдү. Тосор менен Барскоон капчыгайларында селдин кесепетинен инфраструктура, каттамдар бузулду.

Барскоондо кенге кеткен жолдун бир бөлүгү жана эки көпүрө тең иштен чыкты. Эртеси күнү кенге кетчү жарымы калган жолду алтын кендин адистери оңдоого киришти. Ишти болушунча тез убакытта бүтүрүү зарыл болчу, себеби, жекшембиде ишкананын графиги боюнча вахта алмашышы керек эле. Иш техникалык коопсуздук боюнча адистердин көзөмөлү менен күнү-түнү, тынымсыз жүргүзүлдү. Иш билги кадамдардан улам, оңдоп-түзөө тез бүтүп, бир күндөн кийин жол ачылып, ишкананы камсыз кылган жүк ташуучу унаалар жүрө баштады. Ошентип, селдин кесепети жоюлуп, алтынчы августта каттам ачылды.

Кайра калыбына келтирүүчү дагы бир жумуш – Тосор капчыгайында болду. Алгач, Караколду жана региондун бир катар бөлүгүн электр кубатысыз калтыра турган 220 кВт жогорку чыңалуудагы линиянын эки тиреөчү сууда калды деген маалымат кеткен. Жеринен барып карай келгенде абал андан да татаал болуп чыкты. Жолдун бир нече жерлери таптакыр эле жарактан чыгып калыптыр, аны жөнөкөй жабдыктар менен оңдоп баштаса бир нече жумада араң бүткүдөй экен. Райондук администрация жана жергиликтүү элдин өтүнүчү менен "Кумтөр" компаниясы Тосор капчыгайындагы жуулуп калган жолго ишти кыска убакытта бүтүрө турган оор техникалардын жөнөттү. Алтын иштеткен компания Өзгөчө Кырдаалдар министрлигинде андай техникалардын жоктугун түшүнүп, аймактагы эң кубаттуу деген 10 бульдозерин бөлүп берди. Заманбап техниканын тилин билген тажрыйбалуу эки оператор, алгач жолдун нугун салып, андан кийин ишти так жана кыска мөөнөттө бүтүрүштү. Эске сала кетчү нерсе, оңдоп-түзөө иштери коопсуздукка жооп берген адистердин көзөмөлү астында жасалды. Ошентип, бирден-бир туура чечимдин аркасында жол тез арада, саналуу күндөрдө калыбына келтирилди. Биз айтып жаткан иштин жүрүшү менен кошо дагы бир маселе чечилди. Ээ-жаа берген сел Тосор айылынын тургундарын ичүүчү суу менен камсыз кылган суу топтолгон жайга кум аралашкан таш менен ылайды толтуруп, ага кошумча аны жырып кетиптир. Өзгөчө Кырдаалдар министрлигинин өтүнүчү менен ал жакка кетчү жол да оңдолду, андан кийин суу келүүчү жаңы канал казып беришти. Себеби, эскисин калыбына келтирүүгө мүмкүн болбой калган. Ал эми элди таза суу менен камсыздоо ишин аталган министрлик өзүнүн техникасы жана адистеринин жардамы менен чечип алмак болду.

Ошентип, жеке тарап менен мамлекеттин өнөктөштүгү боюнча кызыктуу бир мисал пайда болду. Себеби, буга чейин бизнес менен мамлекеттик түзүмдөрдүн өз ара майнаптуу кызматташуусу керек деп көп эле жолу жазылып да, айтылып да келчү.

Эл, бийлик жана бизнестин мамилеси ушундай кыйчалыш кырдаалда билинди. Мамлекет менен ишкерлер кыйын жагдайда элге тез арада жардамга келип, маселесин бат эле чечип берди. Мындай жакшы саамалыкты өз көзү менен көрүп, күбө болгон калк мындан ары жолду тосконго же митингге чыкканга барбаса керек... Ошол жолду ким калыбына келтирип, оңдоп-түзөп берип жаткандыгына ушул окуядан кийин дагы бир ирет күбө болуп, ынанышты.

# ЧЕМПИОНДОРДУН ЗАЛЫ



*Жети-Өгүз районунун Сару айылындагы Садык Сыдыков атындагы мектептин спорттук залын баштан-аяк оңдоп-түзөө иштери жүрүп жатат. Буга "Кумтөр" эки миллион сомго жакын каражат бөлүп берген.*

Алиса Белова,
которгон Азамат Бакытов

Саруудагы спорт зал көптөргө белгилүү жай. Бул жерде жылына классикалык жана грек-рим күрөшү боюнча эл аралык мелдештер өтүп турат. Дал ушул залдан айылдыктары эле эмес, бүткүл кыргызстандыктар сыймыктанган Азиянын грек-рим күрөшү боюнча чемпиону Данияр Кобонов спорттук карьерасын баштаган.

Былтыр мектеп өзүнүн 30 жылдык маарекесин белгилегенде, спорт зал жарактан чыгып калганы белгилүү болгон. Полу чирип түшүп, имарат дээрлик жылытылбай калган. Сырттагы суук менен залдын ичи айырмаланчу эмес. Желдетүүчү система да иштен чыгып, шып менен дубалдар акырындап көгөрө баштаган. Мунун себеби, кезегинде пайдаланууга объекттин курулуш эрежеси сакталбай берилгендиги болгон. Бир сөз менен айтканда, спорт менен алектенмек түгүл, имараттын ичинде туруу кооптуулук жаратып калган.

Буга мугалимдер тынчсыздана башташкан. Айылдагы ар бир бала жердеши Даниярдай чемпион болгусу, ага окшошкусу келээри түшүнүктүү. Андыктан, Саруудагы спорттун башкы түрү болгон күрөш көптөрдүн кызыгуусун арттырып кала бермекчи.

Үстүбүздөгү жылдын март айында мугалимдер жамааты канадалык инвесторго акча жагынан жардам берүүсүн өтүнүп кайрылган. Саруулуктардын өтүнүчүн жерде калтырбай орундаткан инвесторлор спорт залдын капиталдык ремонтуна акча бөлүп берүү чечимин дароо кабыл алышты.

Аны уккан саруулуктар койнуна батпай кубанды. Ананчы, "Кумтөр" берген 1 миллион 859 миң сом баштан-аяк оңдоого гана эмес, кошумча өзү жылыта турган электр менен иштей турган жабдууну орнотууга да жетип жатпайбы!

Ремонт иштерин жасоону жергиликтүү "Сарuu-Строй" ишканасы колуна алды. Дене тарбия мугалимдери, калган акча баскетболдун эски жыгач калканычтарын жаңы, заманбап желимдерге алмаштырууга да жетет деп колдорун ушалап турган кездери.

Учурда ремонт иштери негизинен аяктап калды. Куруучулар шып менен дубалдагы көк каптап кеткен жерлерди кырып оңдошту. Залга заманбап пластик терезелер салынды, эми полду жасоо иштерин баштамакчы. Анын алдында спорттук жайдын желдете турган системасын ордуна келтирүү иши турат.

Бир караган көзгө аз эле иш калгандай сезилет, бирок, мугалимдер менен окуучулар залды ноябрда колдонууга беришерин да билишет. Анткен менен буга кабагын чытыган эч ким жок, себеби, азырынча күн жылуу, ал учурга чейин жүдөткөн жамгыр деле болбойт. Демек, дене тарбия сабактарын эшиктеги жайкы спорттук аянтчага өткөрүп турса болот.

Жаңы окуу жылында спорт залга 1000ге жакын окуучу келет, алар да күн ара келип, курулуш иштерине кызыгып, ары-бери жагын карап кетип жатышат.

Окуучулар, ата-энелер "Кумтөргө" ыраазы. Жаңы окуу жылында балдары жаркыраган, жаңы залга барып машыгарын улам-улам кайталашат. Ким билет, бул залда машыккандардын арасынан Кыргызстанды спорттогу ийгилиги менен дүйнөлүк аренага тааныта турган балдар-кыздар чыгаттыр.

● АДИСТИН ПИКИРИ

# ТУРАР КОЙЧУЕВ: «КЫРГЫЗСТАН «КУМТӨР» МЕНЕН МАКУЛДАШУУНУ ЖОККО ЧЫГАРУУДАН ПАЙДА ТАППАЙТ»

*Үстүбүздөгү жылдын сентябрында "Centerra GoldInc" менен "Кумтөр" кенин иштетүү боюнча өкмөт менен канадалык компаниянын ортосундагы Макулдашууну өзгөртүүнү талкуулоо мөөнөтү аяктайт. Министрлер кабинети айтылган мөөнөттө Жогорку Кеңештин алдында бул багыттагы жасалган иштер боюнча отчет бериши керек. Өкмөт «Кумтөр Оперейтинг Компани» менен «Кумтөр Голд Компанини» бириктирүү, инфраструктуранын объекттерин көчүрүү, эң башкысы – алынган салыктын көлөмүн көбөйтүү жана дагы бир катар башка талаптарды койгон. Эгерде андай болбосо, парламент Макулдашууну бир тараптуу жокко чыгарат.*



Замир Ибраев

Окумуштуу-экономист Турар Койчуевдин пикиринде канадалык компания менен Макулдашууну денонсация кылуу Кыргызстанга дагы, "Centerra Gold" компаниясына дагы пайда алып келбейт. Бул боюнча окумуштуу газетанын кабарчысына берген эксклюзивдүү маегинде айтып берди.

**– Турар Койчуевич, сиздин көз караштан алганда, канадалыктар менен болгон Макулдашууну денонсация кылуу өлкөнүн экономикасына таасирин тийгизеби?**

– "Кумтөрдүн" айланасында кыргыз тараптан башталган ызы-чуу Кыргызстанды иштиктүү чөйрөдө жакшы кылып көрсөтпөйт. Бул чырдан Кыргызстан да, канадалык компания да пайда таппайт. Эгерде бул ишкана таптакыр иштебей же иши убактылуу токтотулса, эң чоң үлүш "Кумтөрдөн" болуп жаткандыктан биздин ички дүң продукциябыздын орточо жалпы көлөмүнүн азаюусуна жана өнөр жай продукцияларынын өндүрүшүнүн төмөндөшүнө алып келет. Бул ишкана өнөр жай продукцияларынын болжол менен алганда жалпы орточо көлөмүнүн 48%ын берет. Андан сырткары, финансылык да жоготуулар чыгат, "Кумтөрдүн" эсебинен биздин өлкө салык жана башка милдеттүү төлөмдөрдү алып турабыз, Ысык-Көл областына финансылык жардам көрсөтүлүп турат, компания жылдык дүң кирешесинин 1%ын областты өнүктүрүү Фондуна которуп берүүдө.

Ызы-чуу канадалык өнөктөштөргө да пайда келтирбейт, себеби, алар ишкананы өнүктүрүп иштетип кетиш үчүн оңбогондой суммадагы инвестиция салган. Кен чыккан жерде зарыл болгон бардык инфраструктурасы менен база курулган, үзгүлтүксүз иштей турган технологиялык процесс уюштурулган, иштин тартиби аныкталган, кесипкөйлөрдөн турган эмгек жамааты куралган.

Абалдын чыгуунун эң ыңгайлуу жолу – маңдай-тескей отуруп болгон талаш маселелерди талкуулап, ачыктап сүйлөшүп, анан бардык тараптарга ылайыктуу болгон Макулдашуунун вариантына токтолуу.

**– "Кумтөр" боюнча талаш-тартышты байкап турган башка потенциалдуу инвесторлор, тоо-кен тармагына тиешеси болбогон деле инвесторлор дейли, алар кандай көз караштa калат деп ойлойсуз?**

– Бул өңүттөн алып караганда биз жөнүндө инвесторлор башкача ойдо калып жатат. Бизге болгон ишеним жана өзүбүз да ишенимдүү өнөктөштөрдөн болобуз деген ички ишенимибиз азайып баратат. Тактап айтканда, өлкөнүн инвестиция тартуу жөндөмдүүлүгү ири кен чыккан жердин минералдык-сырьёлук жана мыйзам базасынын жоктугунан начарлап, анын себебинен, ири өнөр жай ишканасы болгон "Кумтөргө" басым жасалып жатат. Экономикалык абалыбыздын начарлап бараткандыгынан улам, саясий өнөктөштөрүбүздү жоготуп жатабыз.

**– Сиз, "Кумтөр" айланасында түзүлгөн чуу – колунда бийлиги бар, кээ бир саясатчылардын өзүн "апакай", анан жакшы саясатчы катары көрсөтүүгө далалаты же чыр-чатак чыгаруу жолу менен бюджетти толтуруу аракети дебейсизби?**

– Ооба кээде, мунун баары эмне үчүн жасалып жатат деген ой кетет. Карап туруп жасалып жаткан кээ бир саясаттан көңүлүң сууйт. Эгерде бюджетте көйгөйлөр болсо, анда экономиканы жалпысынан кантип көтөрүү керектиги, колдо болгон ресурстарды кантип майнаптуу пайдалануу туурасында ойлонуш керек. Кечке эле "Кумтөр" жардам берип, тойгузат деп ойлобош керек. Мен муну маселени чечүүнүн сабатсыз жана ыксыз ыкмасы деп ойлойм. Эми кечирип коюңуз, бирок, биз "Кумтөрдү" эрежелери менен саап эле жатабыз, анын кээ бирлери өкмөт, президент, парламент тарабынан кабыл алынып, бекитилген.

Документтерде ага ылайык көп жылдар бою салыктар жана башка төлөмдөр төлөнгөн колдор коюлуп турат. Мен жогоруда айтып кеткендей райондук деңгээлде социалдык объекттер курулуп, жергиликтүү элге колдоо көрсөтүлүп жатат. Кызык жери, "Кумтөрдүн" маанилүү экендигин, казылгандарды, кайра иштетилгендерди жана башка параметрлерди эсептей келгенде, өкмөткө макулдашуу кыргыз тарапка зыян келгендей кылып түзүлгөндөй көрүнүп турup алат.

Менин пикиримде, буга чейин ойлонуш керек эле. Азыр келишим бийликтин бардык бутактарынын, аткаруучу, мыйзам чыгаруу деңгээлинде кол коюлган, эл аралык мааниге ээ болуп калган. Азыр аны кайсы бир тарапта караш керектиги түшүнүксүз. Азыр эң жакшы вариант – диалогго келүү.

Дагы бир нерсе, Кыргызстанда азыр кандай гана чыр чыкпасын жолду тосууга, митингдерге, кээ бир саясатчы сөрөйлөрдүн акылдуу болуп сүйлөп чыгышына алып келчү болду. Мунун баары бир катар саясий күчтөрдүн уюштуруусу, колдоосу менен болууда. Жергиликтүү эл улуттук биримдикти, мамлекеттүүлүктү сактап калуу, мекенчилдик, экологияны сактоо туурасындагы ураандарды алып чыгууда. Эл чынын айтканда бул нерсе жөнүндө ой жүгүрткүсү деле жок, аларга башкысы – күнүмдүк турмуштагы социалдык маселелердин чечилиши керек. Бийлик үчүн болгон күрөштө, көбүртүп жабыртып, анан чыр чыгаруу деген ыкмалар колдонулууда.

**– Эгерде бул талаш-тартыш менен жүрүп отуруп эл аралык териштирүүгө жетсек, Кыргызстанда жеңишке жетүүгө мүмкүнчүлүк барбы?**

– Азыр макулдашуу мыйзамга жана элге каршы түзүлгөн деп айтууга болбойт. Эгерде, жүрүп отуруп иш эл аралык сотко жетсе, Кыргызстан сотто жеңилип калып, айып төлөөгө дуушар болушу мүмкүн.

**– Эксперттер Кыргызстан "Кумтөрдү" өз алдынча иштетип кете алат деп айтышууда. Бул мүмкүнбү?**

– Бул кайрадан эле эл аралык милдеттердин бузулушу болуп жатпайбы. Анда оңбогондой айып санкцияларды, жоготууга учураган киреше үчүн компенсация төлөгөнгө, кеткен капиталдык чыгымдарды жабууга туура келет. Канадалык компания буга барбайт.

● ИНФОГРАФИКА


# "КУМТӨР" – КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН ФЛАГМАНЫ

Өндүрүш ишке киргенден берки «Кумтөрдүн» үлүшү өлкөнүн жалпы өнөр жайынын көлөмүнүн 26%ына чейин жетип, Кыргызстандын ички дүң продукциясын 2,5%дан тарта 12%га чейин камсыз кылды. "Кумтөр" өндүргөн алтын, улуттук экспорттолгон товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жарымына чейинкисин түзүп келет.

## Кыргызстандын экономикасына кошкон салымы


**5,5%**

«Кумтөрдүн» өлкөнүн ички дүң продукциясындагы үлүшү




**18,9%**

«Кумтөрдүн» өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндөгү үлүшү



**51,5%**

2011-жылдагы жалпы экспорттогу алтындын үлүшү



## "Кумтөр" кенинде жарым жыл ичинде 5038 кг. алтын өндүрүлгөн

**"Кумтөр" долбоору боюнча 2013-жылдын алгачкы 6 айындагы салыктык жана башка милдеттүү төлөмдөр 2,8 млрд. сомдон ашык болду**

| Төлөм | Сумма |
|---|---|
| Бажы төлөмдөрү | 299,4 миң $ |
| Резидент эместердин кирешелерине салык | 521,2 миң $ |
| Дүң кирешеге салык | 39 млн. 154,3 миң $ |
| Ысык-Көлдү өнүктүрүү Фондуна берилген акча | 3 млн. 880,9 миң $ |
| Экологиялык төлөм | 310 миң $ |
| Киреше салыгы | 2 млн. 287,6 миң $ |
| Кыргыз Республикасынын Социалдык Фондуна төлөмдөр | 11 млн. 637,1 миң $ |
| Башка салыктар жана милдеттүү которуулар | 39,9 миң $ |

TOLL Бажы

КРдин Салык Кызматы

58 млн. 130,4 миң $

1$ = 48,63 сом

2 млрд. 826 млн. 748 миң сом

## 2013-жылга келечек пландар

17,1 – 18,7 тонна алтын өндүрүлөт

Үстүбүздөгү жылдын үчүнчү кварталынын аягында компания алтынга бай болгон рудааны казып баштайт, бул пландалган 550-600 миң унций алтынды алууга мүмкүнчүлүк берет

**97$ млн** – 2013-жылдагы жалпы капиталдык чыгымдар

МОДЕРНИЗАЦИЯ – 67 млн. $

Кенди өнүктүрүүгө салынган инвестиция – 30 млн. $

2013-жылы өндүрүлгөн продукциянын 55%га жакыны төртүнчү кварталга туура келет.



«Биз бош тектин төгүндүлөрүнүн кыймылынын ылдамдыгын турукташтырууга жана төмөндөтүүгө жетише алгандыгыбызга кубанычтабыз. Кен ишканасында инфраструктуранын объектилерин орун которуштуруу боюнча иш улантылууда, а биздин 2013-жылга тектин төгүндүлөрүн турукташтыруу боюнча иш-чаралар планыбызга бир катар түзөтүүлөр киргизилди. Борбордук карьердин жогорулатылган туруксуздук зонасында муз массаларынын жана тектин кыймылынын ылдамдыгы эсептелген чектерде тургандыгы да кубандырат. Азыркы учурда бул участокто пландуу кыртыш ачуу иштери жүргүзүлүүдө. Бул алтындын курамы жогору болгон рудага чыгууну камсыз кылат, аны казып алуу 2013-жылдын үчүнчү кварталынын аягына белгиленген.
Азыркы учурда ишкана кадимки режимде иштеп жатат жана биз алтын өндүрүү боюнча быйылкы жылы компаниянын алдына коюлган милдеттер аткарылат деп үмүттөнөбүз», – деп белгиледи «Кумтөр» компаниясынын президенти Майкл Фишер 2013-жылдын 2-кварталынын жыйынтыктарын чыгарып жатып.

## "Кумтөр" Кыргызстанга 2 153 664 000 доллар алып келген, аны эсептей келгенде 108 тонна алтынды түздү.

**1994-2012-ж.ж.**

KUMTOR КУМТОР

| Төлөм | Сумма |
|---|---|
| Салык төлөө, бажы ж.б. милдеттүү төлөмдөр | 627 453 000$ |
| Кыргыз Республикасынын Социалдык Фондуна төлөмдөр | 92 362 000$ |
| Лицензия жана уруксат алуу үчүн төлөнгөн каражат | 2 279 000$ |
| Ысык-Көлдү өнүктүрүү Фондуна берилген акча | 27 674 000$ |
| Ачык түрдөгү "Кыргызалтын" АКсынын пайдасына төлөмдөр | 11 421 000$ |
| Экологиялык төлөмдөр жана айлана-чөйрөнү коргоо агенттигине которулган каражаттар | 3 749 000$ |
| Аффинаж үчүн төлөнгөн акча | 36 081 000$ |
| "Центерранын" сатылган акцияларынан түшкөн каражат (centerra GOLD) | 86 000 000$ |
| Дивиденддер | 53 536 000$ |
| КРсындагы сатып алуулар: Кызмат көрсөтүүлөр жана товар ташып келүү, Азык-түлүк | 583 485 000$ |
| КРнын инфраструктурасына тиешеси бар төлөмдөр: Электр кубаты | 119 340 000$ |
| КРнын инфраструктурасына тиешеси бар төлөмдөр: Кенден сырткаркы жолдорду оңдоо жана көз салып, карап туруу | 35 333 000$ |
| КРнын инфраструктурасына тиешеси бар төлөмдөр: ЛЭП "Тамга-Кумтөр" | 41 612 000$ |
| КОКтун кызматкерлеринин таза айлыгы | 378 652 000$ |
| Санаторияда дарылоо | 744 000$ |
| Билим берүүнү колдоо, стипендия жана окутуу | 3 839 000$ |
| Демөөрчүлүк кылуу жана туруктуу өнүгүү боюнча долбоорлор | 14 992 000$ |
| Социалдык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча Өкмөткө берилген жардам | 31 000 000$ |
| Жергиликтүү коомчулукка каралган төлөмдөр боюнча макулдашуу | 4 400 000$ |

**"Кумтөрдүн" иштеши менен өлкөгө түшкөн акча**

**2 млрд. 153 млн. $**

● МААНИЛҮҮ МАЕК



*«Биз социалдык жоопкерчиликти компаниянын элдин, коомчулуктун жана өлкөнүн жашоо-турмушунун жакшырышына салым кошуу милдетин ыктыярдуу түрдө өзүнө алуусу деп түшүнөбүз. Башкача айтканда, компаниянын социалдык жоопкерчилиги – Кыргыз Республикасынын келечегине салынган инвестиция. Бул биздин негизги өндүрүштүк ишмердүүлүгүбүзгө "толуктоо" эмес, бул – анын ажырагыс бөлүгү».*

*«Кумтөр Голд Компани» иш алып барган жана анын жумушчуларынын көпчүлүк бөлүгү жашаган Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу өнүгүү жана инвестиция боюнча программаларды ишке ашырып келет. Социалдык программаларды иштеп чыгып жатканда биз алардын узак убакытка туруктуу иштеп жана коомчулукка чын эле пайда алып келишине басым жасайбыз».*

**«Кумтөр» компаниясынын президенти**
**Майкл Фишер**

# КЕЛЕЧЕКТЕГИ МАДАНИЯТТУУ МАМИЛЕЛЕРГЕ КАДАМ ЖАСАЛУУДА

*Бизнестеги социалдык жоопкерчилик деген эмне экендиги туурасында «CSR Business Network» борборунун директору, КМШ боюнча бизнес менен коомчулуктун өз ара мамилелери боюнча адис Асел Арстанбекова айтып бермекчи.*

Андрей Рыбаков,
которгон Асел Мамытова

**– Асел айым, биринчиден, бизнестеги социалдык жоопкерчилик деген эмне экендигин билип алсак, түшүндүрмө бере кетпейсизби?**

– Бул термин боюнча эки жүздөн ашуун аныктама бар. Алардын ар бири өзүнчө туура түшүнүк. Түшүндүрмөлөрдүн мындай арбындыгы ошо өлкөлөрдүн туруктуу өнүгүүсүндөгү бизнестин ролу ар бир аудиториянын же коомчулуктун түшүнүүсүнө жараша калыптангандыгында. Мисалы, Европа өлкөлөрүндө – бул компаниялардын коомчулуктун жашоосунун жакшырышына жана айлана-чөйрөнү коргоого өз ыктыяры менен катышууга макулдугу. Кытайда бизнес жумушчулардын ден соолугу менен алардын коопсуздугуна басым жасайт. Россияда компаниялар экономикалык жана экологиялык тармакка көбүрөөк көңүл бурат. Украина менен Казакстан жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алып учурда өздөрүнүн улуттук концепцияларын аныктоо процессин аяктап калышты. Корпоративдүү социалдык жоопкерчилик деген түшүнүк (КСЖ) – образдуу айтканда экономиканын "эс тартып чоңоюп калышынын" белгиси жана компаниялардын маалыматтык ачыктыгын талап кылган атуулдук коомдун активдешүүсү. Кыргызстанда бул түшүнүктү, социалдык жоопкерчиликти аныктоо боюнча иштер алдыда турат.

**– Эгерде так аныктамалар жок болсо, КСЖга баа берүүчү критерийлер деле жок да. Андай болсо сиздер кантип иштеп жатасыздар?**

– Кесиптик ишмердүүлүгүбүздө "КСЖны турмушка аралаштырып киргизип жаткан провайдерлер" сыяктуубуз. Бизнес үчүн кеп-кеңештерди бергенде татаал жагдайларды пайдаланган кеңешчилер сыяктуубуз, бул компаниянын менеджментин түшүнүү үчүн арбын маалыматтарды билгендей эле нерсе.

Нормативдик документтерден мисал келтирбей эле коёюн, алар эми адистер үчүн. КСЖ жөнөкөй тил менен айтканда – ишкерлердин коомчулуктун жашоосуна катышуусу, алардын социалдык, экономикалык жана экологиялык өнүктүрүү долбоорлоруна салым кошуусу. Бирок, мага жеке өзүмө бизнес-чөйрөдө тамаша аралаш айтылып жүргөн "Бизнестин социалдык жоопкерчилиги – салык төлөө гана, а калганы кылмыш кодекси менен жөндөлөт" дегендери жагат.

**– Юридикалык жактан алып караганда туура, бирок... Бул боюнча Кыргызстанда абал кандай?**

– Туруктуу өнүктүрүү жана анын корпоративдик социалдык жоопкерчиликтин таасири туурасындагы дискуссия дүйнөнүн бардык тарабында жүрүүдө. Экономикалык тармактын алкагынан чыгып, өнүккөн гана эмес, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, анын ичинде Борбор Азия регионун коомчулугунда талкуулана баштады. Мындан Кыргызстан да четте калган жок. Азыр биздин өлкө, экономика жана бизнес коомчулук тарабынан алдын ала айталбай турган реакциялардын шартында турат. Бир жагынан алып караганда, учурдун татаалдыгына карабай (саясий чыр-чатактар, экономикалык кайра өзгөрүүлөр, мамлекеттин колдоосунун жоктугу) корпоративдик сектор инвестициялык капиталдын жоктугуна карабастан, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө инвестиция салууда. Дагы бир башка нерсе – коомчулукту бизнестен алыстатып, репутациясын кыйрата турган бири-бирине карама-каршы келген абалдар бир топ эле байкалууда.



Бир жакшы жери аталган тема, жок дегенде иштиктүү чөйрөдө талкууланып келет. Менин көз карашымда, коомчулуктун жашоосунда кайсы бир принциптерди сактоону эреже катары көргөн компаниялардын саны өсүп баратат. Кыргызстандагы бизнесте социалдык жоопкерчиликтин концепцияларын өнүктүрүү башталды, бирок, бул узак жолдун башталышы гана.

**– Социалдык жоопкерчиликти кайрымдуулук менен салыштырууга болобу?**

– Кыргызстанда эгер "корпоративдик социалдык жоопкерчилик" түшүнүксүз термин болуп жатса, анда "кайрымдуулук" бизнес-компаниялар үчүн кадыресе таралган көрүнүш. Өлкөдөгү бизнестин социалдык программаларынын 60%ы кайрымдуулук иш-чаралары өткөрүү менен коштолот. Кайрымдуулук иштерин жасагандардын рейтингин ала келгенде экономика, кен иштетүү, телекоммуникация (мобилдик операторлор), каржы компаниялары, соода жана кызмат көрсөтүү (соода тармактары, бөтөлкөгө суу куйган өндүрүш) тармактары башында турат. Бир жагынан жакшылап ойлонулбаган же бир ыкка салынбаган кайрымдуулук тобокелчиликти жаратат, муну эске ала жүрүш керек. Мисалы, кээ бир учурларда бул моюнга минип алуучулукка алып келет, мисалы, улам талап кылуучулук жаралат, кээде бизнести жасаганда соодалашуу, кадыресе эле айтылган пикир үчүн "акы" суроо ж.б. Андыктан, мындай учурларда сиз бул жааттагы долбооруңуз майнаптуу болобу же жокпу аныктап алган маанилүү.

Коомчулук кайрымдуулук биз айтып жаткан социалдык жоопкерчиликтин маанилүү бир бөлүгү экендигин түшүнсө, бирок, КСЖ – ичине бир нече багыттарды камтыган, андан да кененирээк түшүнүк. Бул деген – өз жумушчуларына кам көрүү, экологияны сактоо, демөөрчүлүк кылуу, ишкердиктин этикалык жүзү – иштин ачыктыгы, мыйзамдарды сактоо жана элге зыяны жок сапаттуу продукцияларды чыгаруу. Бул жерде адистердин пикири бирдей: эгерде кайсы бир компания кайрымдуулук жасап, бирок, ошол эле мезгилде эмгектин сакталышына жана ишканага кайдыгер мамиле жасаса, аны социалдык жактан жоопкерчиликтүү деп айтканга болбойт.

**– Иште социалдык жоопкерчиликтин принциптерин сактоо менен бизнес эмне пайда табат?**

– Бул компаниянын туруктуу өнүгүшү жана кызматкерлердин, өнөктөштөрдүн, коомчулуктун алдында берилген узак убакытка финансылык туруктуулук болот деген кепилдик. КСЖ – азыр объективдүү эле зарылдык болуп калды. Бул келечекке узак убакытка ташталган кадам. Алар элдин улам өскөн ишеними, продукцияга болгон муктаждыктардын арбышы, жергиликтүү эл менен болгон өз ара жылуу мамиле ж.б. түрүндө кайтып келет. Бул өзгөчө ишмердүүлүгү элдин көз алдында туруп, ар кандай пикирлер көп айтылган компаниялар үчүн өтө маанилүү. Алар мисалы, кен иштеткен, микрофинансылоо менен иштеген, ичимдик, тамеки тармагындагы ишканалар. КСЖнын жакшы жери – ишмердүүлүктү жүргүзүү жоопкерчилигинде колдонулган механизмдер, ыкмалар кайсыл гана тармак, ал тургай атуулдук тармак болбосун, кандай уюм болбосун кете берет. Муну ишке киргизүү башкалар ойлогондой анчалык деле көп каражатты талап кылбайт. Ал эми натыйжа алгач ирет ойлогондон да жакшы болушу мүмкүн.

**– Бүгүн биздин компанияларда социалдык жоопкерчилик барбы?**

– Жергиликтүү компаниялар эчак эле адаттагы кайрымдуулукту аттап, социалдык жоопкерчилик боюнча заманбап чет элдик фирмалардын ыкмаларына өтүп, кирешелүү коомдук-саясий демилгелерге инвестиция сала баштады. Компаниялар экологиялык жана социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөргө, жаңычыл долбоорлорго, агартуучулук жана окутуп-үйрөтүүчү иштерге акчалай инвестиция салган көңүл жылыткан мисалдар арбын.

Башка сөз менен айтканда, КСЖ жаатындагы маселелердин чечилиши жана иштин натыйжасы мамлекеттер, бизнес түзүмдөрү, өкмөттүк эмес секторлор, ЖМК жана коомчулуктун өз ара түшүнүүсүнө жараша болот.

Бул коомчулуктун социалдык керектөөлөрүнүн, цивилизациялуу өз ара мамилелер тармагындагы турукташтырууга карай кадамы.

РАСМИЙ МАЕК

# ЫСЫК-КӨЛ ФОНДУ:
# ТҮЗ КОЛДОО, КАЛКТЫН БАКУБАТТУУЛУГУ ҮЧҮН ЭКОНОМИКАЛЫК НЕГИЗДИ ТҮЗҮҮ

*Азыркы Келишимге ылайык, «Кумтөр» Жабык түрдөгү Акционердик коому дүң кирешесинин бир пайызын Ысык-Көл областын өнүктүрүү боюнча атайын түзүлгөн фондго которуп турат. Максат – аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү. Байкоочу кеңештин курамына кирген жергиликтүү жана шаардык кеңештин депутаттары, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү Фонддун үстүнөн көзөмөлдөөгө тартылышкан.*

Игорь Грекалов,
которгон Бакыт Азаматов

Ысык-Көлдү өнүктүрүү Фондунун ишмердүүлүгү, регионалдык курулуштун көйгөйлөрү менен келечеги тууралуу Байкоочу кеңештин төрагасы, Өкмөттүн Ысык-Көл областы боюнча өкүлчүлүгүнүн аппаратынын жетекчиси Улан Маликовду кепке тартып, маектештик.

**– Улан Кубанычбекович, Байкоочу кеңештин отурумдарынын биринде конкреттүү милдет коюлган эле. Фонддун акчасын социалдык көйгөйлөрдү эле чечүүгө колдонбостон, экономикалык тармакты өнүктүрүүгө, т.а. бюджетти түзгөн ишканаларды ачуу боюнча айтылган. Уюмдун басым койгондорунун өзгөрүшүнө эмне түрткү болду?**

– Өкмөттүн 27.07.2011-жылдагы №416 “Ысык-Көл областын өнүктүрүү Фондунун” жаңы жобосун бекиткен токтомунан кийин Фонддун ишмердүүлүгүндөгү приоритеттердин багыты өзгөртүлгөн. Эгерде мурдагы документтер акчаны социалдык гана объекттерге бөлүүгө карап келсе, азыр басым областтын экономикасын өнүктүрүүгө жасалмай болгон. 2013-жылга карата каражаттын 60%ын социалдык объекттерди курууга жана реабилитациялоого жумшоого, 40%ы бюджетти түзүүчү ишканаларды ачууга пландалган. Бул жерде Байкоочу кеңеш менен «Кумтөр Оперейтинг Компани» ишканасынын адистеринин көз караштары да эске алынды.

**– 2012-жылы Өнүктүрүү Фондусундагы каражат кандай принциптер менен бөлүштүрүлдү эле?**

– Акчаны райондор жана шаарлар боюнча бөлүштүрүүдө калкынын саны, муктаждыктары эске алынат. Раймамадминистрациялар менен мэриялардын өкүлдөрү өздөрүнүн программаларын жактап айтып беришкен, тандалып алынгандарын кеңештердин депутаттары, райондук жана шаардык Байкоочу кеңештин мүчөлөрү колдоп, бекитип беришкен. 308 млн. сом Фонддун жетекчилиги тарабынан даярдалган жана Байкоочу кеңеш бекиткен каржылоо планына ылайык бөлүштүрүлгөн.(Инфографиканы караңыз – автор)

**– Подряддык уюмдардын иштеринин негизги жыйынтыктары тууралуу айтып бериңизчи?**

– Мен төмөнкү сандарды айта алам. Билим берүү, саламаттыкты сактоо, спорт жана маданият боюнча 115 объекттерде оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлдү. Айылдардагы 13 мектепте; 9 спорттук залдарда; андан сырткары Таш-Кыя, Кызыл-Кыя, Бөрү-Баш, Чоң-Тогузбай айылдарында ФАПтарда; “Ак-Суу” реабилитациялык борборунда; Кашат айылындагы бала бакчада; Дархан айылындагы Маданият үйүндө курулуштар менен оңдоп-түзөө иштери улантылды. 24 социалдык объект үчүн трансформаторлор, насостор, жабдуулар жана оргтехникалар алынды.

**– Регионалдык курулуштарда көйгөйлөр, кемчиликтер барбы?**

– Башкы маселе – курулуштун мөөнөтүнүн узактыгы болууда. Анын негизги себеби, айыл округдарынын башчылары курулуп бүтпөгөн объекттерди жана бөлүнгөн акчаны эске албай, планга жаңы курулуштарды киргизип салганы болууда. Район жетекчилери менен мэрия жетекчилери аларды бекитет. Анткен менен регионалдык курулуштарда таптакыр чечилбей турган маселелер чыккан жок. Бирок, подрядчиктер тарабынан Өнүктүрүү Фондунун каражаттарына ысырапкерчилик менен мамиле кылган фактылар катталды. Укук коргоо органдары бир нече курулуш уюмдарына кызматтык иликтөөлөрүн жүргүздү. Учурда Фонддун каражаттарын пайдаланып, иштетүүгө көзөмөл күчөтүлгөн. Тендерди утуп алган жана мурдагы бүткөрүлгөн объекттер боюнча оң пикир айтылган подрядчиктер менен гана келишим түзүү адатка айланып калышы керек.



**– «Кумтөр» быйыл Ысык-Көлдү өнүктүрүү Фондуна канча каражат которууну пландап жатат?**

– Быйыл 382 млн. сом которулаары болжолдонууда. Августка карата 196,8 млн. сом келип түштү. Бул акча мектептердин, бала бакчалардын, ооруканалардын жана дагы бир катар социалдык маанидеги объекттердин курулушу менен оңдоп-түзөө иштерине жумшалды. Байкоочу кеңеш бир канча отурумдарды өткөрүп, анда көйгөйлүү делген бир катар суроолор каралды. Анда акчанын түшүүсү жана колдонулушу; 2013-жылдагы каржылоонун планына толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилди.

**– Байкоочу кеңештин отурумдарында Фонддун ишмердүүлүгүнүн жакшыртуу боюнча кандайдыр бир кескин чаралар талкууландыбы?**

– Ооба, бөлүнгөн каражаттарды колдонуу боюнча бир катар өзгөртүүлөр киргизилип, мындан аркы иштерге ар кандай сунуштар, каалоолор айтылган. Биринчиден, подряддык уюмдар арасында тендерди жеринде өткөрүү сунуштары айтылган. Бул ар кандай сөздөрдү азайтып, катышкандар арасында чыныгы атаандаштыкты жаратат. Мындай биринчи тендер Балыкчы шаарында өткөрүлдү. Экинчиден, эгерде тендерден утуп алган подряддык уюм областтан тыш жайгашкан болсо, бул жерге келип иштеп баштаганда мүмкүн болушунча жергиликтүү жашоочуларды курулуш иштерине тартуусу керек. Үчүнчүдөн, подрядчы салыкты сөзсүз районго которушу зарыл. Жөнөкөй жана колдон келе турган схема.

**– Элдин арасында Байкоочу кеңештин ролун анча түшүнө бербегендик байкалат, бөлүнгөн жана колдонулган акчалар боюнча нааразылыгын айткандар да жок эмес.**

– Акчаны бөлгөн бардык жерде эле наразы болгондор кездешет. Бирок, бул жерде кээ бир район жетекчилери менен мэрлердин күнөөлөрү да бар. Алар калк сураган маалыматтарга жооп берип, элди кабардар кылышкан эмес. Социалдык чыңалууну ачыктык жеңерин эстен чыгарбашыбыз керек. Түшүндүрүү иштерин эл чогулган жерлерде, бюджет боюнча угуулар болуп жатканда, ар кандай жыйындарда жүргүзүп, регионалдык газеталарды колдонуу зарыл. Бул потенциал азыр анча жакшы колдонулбай жатат.

Кеңештин жыйындарында Фонддун каражатын пайдаланып, айыл округдарындагы такталарга ошол ремонт болуп же курулуш жүрүп жаткан объектке канча каражат бөлүнгөндүгүн; подряддык уюм менен түзүлгөн келишимдин шарттарын; объектке жооптуу болгон адамдардын тизмесин илип коюу чечими кабыл алынды. Интернетте атайын сайт ачылып жүрүп жаткан курулуштар жана регионалдык өнүгүү тууралуу маалыматтар жайгаштырылмакчы. Баары ачык болушу үчүн Фонддун чыгымдалган акчалары туурасындагы маалымат жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланып турмай болду. Биз болушунча ачык системаны түзүүгө аракет жасадык жана бул Байкоочу кеңештин башкы милдети.



● ӨНӨКТӨШТӨРДҮН ӨЗ ООЗУНАН УКСАК

# ИШЕНИМДҮҮ ӨНӨКТӨШ – АЛТЫНГА ТЕТЕ

*"Кумтөр" – сааттай тынымсыз иштеп турган система. Токтобошу керек, саамга да тыным алганга болбойт. "Кумтөр" компаниясынын иш ыргагы татаал, бирок, жөнгө салынган. Ар бир бууроосу, тетиги, дөңгөлөгү орду-ордунда жайгашкан. Жүрөгүн алып койсоң, ишкана токтойт, аны менен кошо кен иштегенден тарта кызматташып, өз алдынча салымын кошуп келе жаткан башка өндүрүш ишканалары да токтойт.*

Юлия Шитова, которгон Асел Мамбетова

Жакында журналисттер менен жолукканда, «Кумтөр Оперейтинг Компани» компаниясынын президенти Майкл Фишер, кен андагы 2700 кызматкерлер гана эмес, андан сырткары келишим менен иш алып барган 1000ден ашуун адамдын күчү менен иштеп жаткандыгын да айткан эле.

"Кумтөр" – бул жерге ондогон ата мекендик өндүрүш-компаниялары да кирген өтө татаал бизнес. Аны жергиликтүү жана чет элдик ишканалар менен келишимдер байланыштырып турат. Андыктан, бүгүн Кыргызстандын элитасынын бир бөлүгү талап кылып жаткан келишимди бузуу – өлкөнүн экономикасына да кесепетин тийгизет, андан эч ким пайда таппайт",-деп белгиледи Фишер мырза.

"Кумтөрдүн" топ-менеджментинин позициясы белгилүү, компанияда өнөктөштөр көп, ага таңгала турган эч кандай негиз жок. Чет элдик инвестор менен бир эмес, бир топ жыл бою уланып келе жаткан өнөктөштүктүн өзүнчө тарыхы бар. Алардын арасына «Житница» дыйкан чарбасы менен Кара-Балтадагы аффинаж заводун айтсак болот.

Александр Штанько – Бишкектен 25 чакырым алыстыкта жайгашкан Грздь айылында жайгашкан «Житница» дыйкан чарбасынын жетекчиси, канадалык инвестор менен иштегенине сегиз жылга аяк басып баратат. Фермер айыл чарба продукцияларын өндүрөт, дан эгиндеринин үрөнүн даярдайт, мал чарбачылыгы менен да алектенет

"Кумтөргө" биздин чарба жумасына 3-4 миң (!) жумуртка берип турабыз. Даяр продукцияны Бишкектеги топтоочу жайга жеткиребиз, ал жерден ишкана кенге алып кетет",-деди Александр Ефимович.



Штанько ири өнөктөшүнүн керектөөсүнө карата өндүрүшүн да өнүктүрүптүр.

"Биздин бул ири өнөктөшүбүз продукция менен туруктуу жана үзгүлтүксүз камсыз кылышыбызды талап кылат. "Кумтөр" сыяктуу ири жамааттты биз азык-түлүктүн бир гана түрү менен толук камсыз кыла алабыз. Ага абдан ири эле фермердик чарбанын күчү жетпесе, азырынча компания үчүн ассортиментти дагы кеңейтүү тууралсында маселе көтөрүлө элек. Анын үстүнө муну ойлогон деле жокпуз. Бизге азыркы кызматташуубуз жетет",-деди ал.

Александр Ефимович үчүн башкысы – системанын так иштеши, акчасын өз учурунда төлөнүшү жана ишенимдүү өнөктөштүк.

«Кумтөр» өлкөдөгү ири салык төлөөчү гана компания эмес. Инвестордон улам биз бутубузга турдук, бул бир эле «Житница» дыйкан чарбасы эмес. Өнөктөштүк үчүгү аны көп чарбалар менен байланыштырып турат. Алар ошонун аркасы менен жашап, өнүгүп, эмгек жамааттарын багып жатышпайбы. Жергиликтүү өндүрүшчүлөргө талап коё билип, аларды өстүрүп, мыкты сапаттагы продукция өндүрүүгө шыктандырып жатат. Биз ошол талаптарга жооп бергенге аракет кылып келебиз. Эгерде өлкөдөгү ири тоо кен ишканасы менен кандай кызматташып жатасыңар деп сурасаңар, мен "Мыкты" деп жооп берем",-деп Александр Штанько бизге агынан жарылып сүйлөп берди.

# БИЗДЕН ЧЫККАН АЛТЫН МЫКТЫ САПАТ БЕЛГИСИНЕ ЭЭ

## Кыргыз алтынын дүйнөнүн кайсы банкы болбосун кошумча текшерип отурбай, дароо кабыл алат

Замир Ибраев

Кара-Балтадагы алтынды аффинаждоочу завод негизинен "Кумтөрдөн" келген Доре эритмесин аффинаждайт. Заводдун уникалдуулугу тууралсында айтып берүүсүн өтүнүп, анын директору Владимир Мельниковго бир нече суроолорду узаттык.

**– "Кумтөр" ишканасынын сиздердин өндүрүштөгү үлүшү тууралсында айтып берсеңиз?**

– Жалпы көлөмдөн "Кумтөрдүн" үлүшү 98%ды түзөт. Жылына "Кумтөрдөн" өндүргөн бардык алтынды иштетебиз. Былтыр, жалпыга маалымдоо каражаттарынан белгилүү болгондой, жалпысынан 10 тоннаны түзгөн. Быйыл кошумча кыйынчылыктар пайда болуп, андан улам иштин темпи бир азга токтоп калды. Кыйынчылыктар чечилет деген ишенимдебиз, себеби, бул тууралсында премьер-министр бийик трибунадан айтты.

Эгерде ишкана кенди казууну токтотсо, анда биздин завод туруп калат да, башка кендер бергендерди деле кайра иштете албай калат. Өзүңүздөр деле карап көрсөңүздөр, 1 тонна менен 20 тоннаны кайра иштеткенди.

**– Сиздин көз карашыңызда, комиссиялар сиздердин жана "Кумтөрдүн" ишине тоскоол болбойбу?**

– Кандайдыр бир ишараттар болуп, чырмалышкан түйүндү чечиш үчүн комиссия түзүлдү. Комиссия териштирип, жыйынтык чыгарылып, баары өз ордуна келет. Мен кендин иштеп кетишине ишенем, "Кумтөрдүн" токтоп калышы жумушчулардын айлык акысына, салык төлөмдөрүнө жана дагы башка бир топ жагдайларга терс таасирин тийгизет. Туруксуздук пайда болот, уюмдар, жеке тараптардын чыңалуусу өсөт. Премьер (өкмөт башчысы Жантөрө Сатыбалдиев – ред.) бул боюнча териштирет, маселе болбойт.

"Кумтөрдүн" токтоп калышы биздин заводдун бюджетине гана эмес, өлкө бюджетинин социалдык төлөмдөрүнө да кесепетин тийгизет. Андан сырткары мультипликативдүү эффект деген бар, б.а. инвестициядан улам өндүрүштүн өсүшү. Бул жаатта "Кумтөрдүн" ишинде "Кыргызалтын" ачык акционердик коомунун автоунаа ишканасы иштейт, элге азык-түлүк, компанияларга жабдуулар жеткирилет. Мисалы, майдалоочу шарлар Кыргызстанда жасалат, ишкананын бир бөлүгү жабдууну оңдоп-түзөө иштерин аткарат. Алар бул иште болгондуктан айлык алып жатышат да.

Эгерде "Кумтөр" токтоп калып, биз да иштебей калсак, социалдык фондго, салык кызматына завод тиешелүү төлөмдөрүн которо албай калат.



**– "Кумтөр" казган сырьё менен кантип иштейсиздер?**

– Биз "Кумтөр" жана дагы башка кендерден, мисалы "Макмалдан" казылган алтынды сатабыз. Андан сырткары күмүштү да соодалайбыз. Негизги сырьёбуз болгон Доре деген эритмени "Кумтөрдөн" алабыз. Ал күмүш менен алтындан турат, курамында анча көп эмес жез, никель, темир, коргошун жана башка дагы бир катар элементтер кездешет. Жогоруда саналган кошулмалардын катышы 5%дан ашпайт. Алтын менен күмүш 95%ын түзөт. Максат – кошулмалардан арылтып, алтын менен күмүштү бөлүп алуу.

Биздин заводдун «London Good Delivery» деген статусу бар. «Good Delivery» деген сапаттык сертификатка ээ. Бул бизде аффинаждалып, куюлган алтындын банктык жана чендик уютмалары дүйнөлүк стандартка туура келет дегендик. «Good Delivery» деген стандарт мыкты сапаттагы металлдарга, аккредиттелген беделдүү өндүрүшчүлөргө ыйгарылат. Биздин металлдарды кайсы банк болбосун кошумча тесттен өткөрбөй эле, токтоосуз алат. Биз 9999 деген таптаза алтынды, 999,9 деген таза күмүштү чыгарабыз. Күмүш чыгарууга жогоруда биз сөз кылган «London Good Delivery» деген статусубуз азырынча жок. Ага ээ болуш үчүн жылына 30 тонна күмүш өндүрүшүбүз керек.

ИЙГИЛИКТИН БАЯНЫ

# «КАЙЫРМАК ЭЛЕ БАЛЫКТЫ ӨЗҮБҮЗ

Ысык-Көл аймагынын жашоочулары жыл өткөн сайын жумушсуздук маселесин өз күчү менен чечип – жеке ишмердүүлүккө басым коюп башташты. Аларга бул жагынан жардам берген чакан кредиттер болууда.

Юлия Дивеева,
которгон Асел Мамытова

Ысык-Көлдүн Тоң районунун жашоочусу Камчыбек Ибраев өмүр бою тартип коргоо органында иштеген. Пенсияга чыккандан кийин, бал челек кармоону чечкен. Ишти баштоо үчүн каражат караштырып чакан кредиттерди берген бир нече компанияга кайрылган.

"Агросекторго кредит берген эки жерге кайрылсам, бир канча убакытка чейин күтүп турушум керектигин айтышты. Мен күткөндү жаман көрөм, себеби, ал текке кеткен убакыт. Анан "Тоң Финанс" деп аталган компанияга кайрылдым. Ал жерде үстөк пайыздар, кредит берүүнүн шарттары да дурус экен. Арыз жазгандан кийин, акчаны бир жума өтүп-өтпөй эле алдым. Алар бир шартты - алган акчаны жасай турган ишиме гана жумшашым керектигин эскертишти. Башка нерселерди талап кылып кыйнашкан жок, ортодо кагаз топ-топ убара болгон жокмун",-деп айтып берди өзүнүн бизнесин кантип баштагандыгы тууралуу К.Ибраев.

"Тоң Финанс" чакан кредиттик агенттигинин иштегенине үч жылга аяк басты, Тоң районундагы ишкерлер менен кичи бизнеске колдоо көрсөтүү максатында ачылган. Негиздөөчүсү «Кумтөр» компаниясы.

Биз менен болгон маегинде Камчыбек Ибраев алгачкы жылы эле пайда табуу оййго да келбегендигин айтып берди. Кыраакы киши биринчи жылы тер төккөн мээнет иштин андан ары өнүгүп кетишине гана кетээрин билди. Адегенде 30 бал челек, андан кийин дагы 30ду сатып алды да, аларды көбөйтүүгө аракет кылды.

"Чынын айтсам, пайда абдан көп болбосо да, аз-аздан болууда. Ага капа эмесмин. Азыр 60 бал челегим бар. Кредиттин үстөк пайыздарын кыйналбай эле өзүм төлөйм. Андыктан, "Тоң Финанс" менен "Кумтөргө" рахмат дегенден башка айтарым жок. Буйурса, келерки жылы алтын кен комбинатын бал менен базар баасынан арзаныраак кылып камсыздаганга аракет кылып жатам. 2-3 тоннага жакын бал бере алам. Буга чейин мага жардам кылышты, эми мен аларга жардам берем",-дейт бал челекчи Камчыбек байке.

"Бизде кредиттердин кайтарылышы жаман эмес. Мониторинг жүргүзө келгенде, каражаттар эмнеге алынса, ошого гана жумшаларын байкоого болот",-деди "Тоң Финанс" чакан кредиттик агенттигинин директору Замирбек Эшмамбетов.

Анын айтымында, 31-июлга карата 180 адам кредит алган. Активдүү кредиттик портфель – 30 млн. 697 миң сом. "Тоң Финанс" бизнес долбоорлорду ишке ашыруу үчүн 50 миңден 500 миң сомго чейин 3 жылга берет. Айыл чарбасына артыкчылык каралган – жылына 10% менен. Ал эми өнөр жай тармагына, соода-сатыкка жана кызмат көрсөтүү тармагына алса – 12% менен берилет. Күрөөгө – кыймылсыз мүлк коюлушу шарт.

"Негизинен мал чарбачылыгына көп алышат. Биздин фермерлерде тукуму жакшы малды сатып алып, породаны жакшыртканга шарттар бар. Андан сырткары чакан тигүү цехтерди, наабайканаларды жана таттуу азыктарды, анан эмеректерди жасоо үчүн алышат",-деп айтып берди З.Эшмамбетов.

Урумкан Абдыкадырова "Тоң Финанска" үй-бүлөлүк бизнесин кеңейтүүгө туура келип, былтыр кайрылыптыр. Алар 2000-жылдан бери балык чарбасы менен алектенишет экен. Кредитке алган акчасына күйөөсү экөө Бишкектен чабактарды сатып келип, азыр аларды чоңойтуунун үстүндө иштеп жатышат.

"Төрт көлмөдө балыктын төрт түрүн кармайбыз, алар салмак кошуп чоңоюп калганда алып барып сатабыз да, түшкөн акчаны айлантууга салабыз",-деп айтып беришти жубайлар.

Алар да алгач кредит издеп банктарга кайрылып, үстөк пайыздарын укканда шаабайы



*Кызыл-туулуктар жакында эле Түркияга 50 боз үй жиберишти*

суун отуруп калышкан. Бир аз убакыттан кийин "Тоң Финанстыкы" 10% жана шарттары да катуу эместигин угушат.

"Пайыздык үстөктү төлөгөндө жашырганда эмне, анча деле кыйналбайбыз, ишибиз жүрүшүп кетти. "Тоң Финанстын" кызматкерлери келип, балыктарыбызды, анын кандай экендигин көрүп кетишти. Негизи, "Кумтөрдүн" ишкерлерге колдоо көрсөтүп, ушундай чакан кредиттик уюм ачып бергени жакшы эле болду",-деди У.Абдыкадырова.

Элдик кол өнөрчүлүк буюмдарынын "Мурас" деп аталган көргөзмө борбору да "Тоң Финанстын" каражатына ачылган. Анын түптөөчүсү Гүлайым Жусаева улуттук буюмдары: боз үй, жүндөн улуттук сувенирлерди жасоочу, жыгачты иштетүүчү, кийиз жасоочу жабдууларды сатып алууга 200 миң сом жумшаган.

"Биз жасаган буюмдарды Ысык-Көлдөн эстеликке деп Франциядан, Италиядан, Түркиядан жана Венгриядан келген туристтер жан дили менен сатып алышат. Биздин Кызыл-Тууну боз үйлөрдүн мекени деп аташат, себеби, ар бир экинчи үйдө жасалат. Жылына 30га жакын боз үй сатабыз. Жакында эле Түркиядан "элүүнү алабыз" деген өтүнүч келди. Орточо эсеп менен ар бири 2,5 миңден 10 миң долларга чейин бааланат",-дейт Г.Жусаева.

«Кумтөр» "Тоң Финанс" сыяктуу чакан кредиттик агенттиктерди Жети-Өгүз менен Балыкчыда да ачкан. Бул ишкерлик кылган жашоочуларды эле эмес, айылдагыларды да жумуш менен камсыз кылууга мүмкүнчүлүк түздү. Жети-өгүздүк Уран Маматов азыктүлүк өндүргөн цех ачып, анда пельмен, колбаса жана таттуу азыктар жасоону максат кылып турат.

"Цех ачат элем, акча жагынан жардам бериңиз деп акимге келсем, менин бул демилгеме абдан күлгөн. Кредит алам деп Караколдогу банктарды кыдырып чыктым, бардыгы баш тартышты. Ишенбөөчүлүк менен карашат, анан да кагаздарынын убарасы көп. "Кумтөр" каржылап турган "Жети-Өгүз Финанска" эки жыл мурда кайрылгам, анда кредиттик портфель абдан эле аз болчу. Дароо чоң суммадагы кредит бере алган жок. Себеби, мага 1,5 млн. сом зарыл эле. Быйыл аларда ушундай мүмкүнчүлүк жаралып, кыялымды эми ишке ашырып жатам",-деп кубануу менен айтып берди У.Маматов.

Ишкер кредитти 10% менен 3 жылга алып, дароо эле курулуш иштерине киришиптир.

"Союз учурунда колбаса цех болуп, азыр урандыга айланган жерди сатып алдым. Баарын кайра баштан куруп чыкканга туура келди. Цех дээрлик даяр болуп калды, буйурса Жаңы Жылдан тарта өндүрүш башталат. Керектүү жабдуулардын 60%ы бар, курулуштан арткан акчага тоңдурган камераларды алам",-деп пландары менен бөлүштү У.Маматов.

Уран алгач, пельмен чыгарып, өндүрүштү андан кийин гана кеңейтип, колбаса менен таттуу азыктарга өтүү планы

# БЕРИҢИЗ... КАРМАЙБЫЗ»






*Бал челекчи алгач аарыларды көбөйтүүгө көңүл койду*



*Уз Гүлайым Жусаева улуттук буюмдарды жасоо үчүн кредит алып иш баштаган*



*"Мураста" кийиз заманбап жабдуулардын жардамы менен жасалат*

бар. Ишкана айылдын 10го жакын жашоочусуна иш берет. Бул алгачкысы эле. Урандын айтымында, цехте негизинен кыз-келиндер иштеши керек, бул Жети-Өгүз үчүн өтө маанилүү. Себеби, алардын дээрлик бардыгы үйдө отурушат.

"Биз пельменди кол менен түйөбүз. Сурамжылоо жүргүзүп көрсөм, эл атайын жабдуулар менен бастырылып жасалган эмес, колдукун жакшы көрүшөт экен. Андыктан, азык-түлүктөр да жасалмасыз, табигый болот. Азыр эптеп эле бир нерсени чүргөй салышып, атаандаштык өтө чоң болуп жатпайбы. Аларды текшерген деле киши жок. Ошон үчүн, мен чыгарган продукциямдын сапатына, коопсуз экендигине кепилдик берип, рыноктон ордумду табууну ойлоп жатам",-деди ишкер У. Маматов.

Өзүнүн эмгекчилдиги менен Уран Маматов сыяктуу адамдар маңдай терин төгүп, тез арада эле бутуна туруп, бакубаттуулукка жетет. Азыр алардын каалаганы бир гана нерсе – митингдер менен башаламандыктар тыйылып, өлкөдө орун алган стабилдүүлүк.

Мамлекет менен болгон Макулдашуунун алкагында "Кумтөр" компаниясы жылдык дүң кирешесинин 1%ын Ысык-Көлдү Өнүктүрүү Фондуна которуп турат. Андагы каражаттар бала бакчаларды, мектептерди, спорттук клубдарды жана бүтүндөй Ысык-Көл областынын сугат инфраструктурасын курууга сарпталат. Каржылоо үчүн долбоорлор жергиликтүү жана регионалдык бийликтин приоритеттеринен тандалып алынат, ал эми акча кандай сарпталып жаткандыгы боюнча көзөмөлдү курамына жергиликтүү органдар менен бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү тартылган Байкоочу кеңеш жүргүзөт.

"Кумтөр" аталган Фондго 2012-жылы 4 миллион 638 миң доллар которгон. Компания ачылып иштеп баштаган мезгилден бери, 1997-жылдан тарта Ысык-Көлдү Өнүктүрүү Фондуна которулган акчанын суммасы 31,5 миллион доллардан ашты.

# МЕКЕНИБИЗДИН КЕЛЕЧЕГИ ҮЧҮН БИЗ ЖООПТУУБУЗ

## Ысык-Көлдүн жаштары мамлекетти карап отура бербей, өз күчтөрү менен жашоосун жакшы жакка өзгөртүүгө ниеттенүүдө.

*Ысык-Көлдүн айылдарындагы жашоону жакшыртууга багытталган жаштардын бир нече долбоорлору жакын арада ишке ашканы турат. Бул туурасында “Ысык-Көл областынын “Жаштар банкы” деп аталган долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн конкурстун жыйынтыгын чыгарганда белгилүү болду.*

Юлия Дивеева, кофторгон Асел Мамытова

Негизинен, инфраструктураны өнүктүрүүгө, жаштардын бош убактысын текке кетирбей пайдаланууга шарт түзүү, маданиятты, спортту көтөрүү жана сергек жашоо образын үгүттөөгө багытталган долбоорлор тандалып алынган. Жаштарга алардын өз айылында же шаарында биринчи иретте жакшы жакка өзгөртүүгө, оңдоого зарыл болгон жагдайларды сунуштап, ага грант алуу үчүн кайрылуу каттарын жазуу сунушталган.

“Биз негизинен социалдык маанайдагы долбоорлорду тандаганга аракет кылдык. Мисалы, шаарды тазалоо боюнча балдардан “Эко-баштык” деген башкаларга окшобогон идея менен коштолгон сунуш түштү. Алар 7 желим бөтөлкө жана 10 полиэтилен баштыкка кездемеден жасалган бир “Эко-баштык” айырбаштоону сунушташат. Чогулган бөтөлкөлөрдү кабыл алган жайга тапшырып, түшкөн каражатты кайрымдуулук иштерине жумшашмакчы”,-деп айтып берди “Жаштар банкы” долбоорунун Караколдогу лидери Азис Абакиров.

“Жаштар банктары” Ысык-Көл областынын алты жеринде – Каракол, Балыкчы шаарларында, Бөкөнбаев, Тамга, Түп жана Кызыл-Суу айылдарында иштейт. Бул – негизинен идеялардын банкы. Жаштар тарабынан сунушталган демилгелер Борбор Азиялык Евразия Фонду (БАЕФ) тарабынан колдоого алынып, аны ишке ашырууга “Кумтөр” компаниясы жардам бермекчи. Арыздарды кабыл алуунун астында алар ысык-көлдүк жаштарга мындан аркы долбоор жазууда идеясын кантип туура айтып берүү боюнча окуу өткөрүштү.

“Долбоор жазууда балдар бир катар кыйынчылыктарга туш болушту. Мисалы, компьютердик техникаларды сатып алганга арыз беришсе, Абдрахманов атындагы мектеп бий көйнөктөрүн алабыз дешти. Бирок, Кызыл-Сууда компьютер сатпайт, бий көйнөктөрдүн да наркын аныктай алган жокпуз. Долбоор жазып жатканда, так болушу үчүн, анын сатылган баасын да кошо көрсөтүш керектиги белгилүү болду”,-дейт Кызыл-Суудагы “Жаштар банкы” долбоорунун лидери Эльмира Мажикова.

Баш-аягы болуп алты “Жаштар Банкынан” 80ге жакын арыз келип түштү. Ар бир филиалдан 6-8 кызыктуу делген, социалдык багыттагы, коомчулукка пайдасы тие тургандай болгон долбоорлор тандалып алынды. Жеңген долбоорлорду да балдардын өзүндөй болгон курбалдаштары тандап, аныкташат. Ал 8-10 ыктыярдуу баладан турган кичи гранттарды берүү боюнча жергиликтүү комитеттин милдетин аткарган топ.

“Караколдон “Жаштар банкына” жалпы 12 арыз келип түшкөн, анын жарымын алып салдык да, калганын БАЕФке жөнөттүк. Белгилей кете турган нерсе, долбоорду каржылоо бизде калат, бирок Фонд грант алуучуларга кайсы бир долбоорду мисалы, менеджерлер анын бюджетинин суммасы менен макул болбогон учурларда кайра оңдоого жөнөтүшү мүмкүн”,-деп айтып берди Азис Абакиров.

Жыйынтыгында “Кумтөр” 40тан ашык долбоорду каржылады. Балыкчы шаарында тандалып алынган долбоордун алкагында оорукананын, бейтапкананын жана парктын аймагына 20 таштанды челектерин орнотуу пландалууда. Караколдон көтөрүлгөн демилге менен шаардын коомдук жайларына отургучтар орнотулмакчы.

БАЕФтин басма сөз кызматы түшкөн долбоорлордун арасында кол өнөрчүлүк менен заманбап кесип болуп жаткан визажистикке окутуп, үйрөтүү сунуштары болгондугун маалымдады. Китепкана үчүн китептерди; окуучуларга спорттук кийимдер менен инвентарларды сатып берүү; маданий иш-чараларга кийгенге жаштарды улуттук кийимдер менен камсыздоо; көпүрөлөрдү оңдоп, пляждарды тазалоо сыяктуу бир топ кызыктуу жана пайдалуу сунуштар ишке ашмакчы.

Конкурска 14-28 жаш курагындагылар катышып, жамааттык, б.а. бир нече кишинин да, бир кишинин да атынан арыздар кабыл алынды. Идеяны, долбоорду ишке ашырууга суралган сумма 1000 доллардан ашпашы керек деген шарт коюлган.

“Жаштар Банкынын” идеяларынын бет ачары июлда “Жаштардын биримдиги менен достугу” аттуу форумда, Тоң районунун мамлекеттик администрациясынын жыйындар залында тогуз айыл округдарынан келген 200 адамдын алдында өттү. Бул иш-чара да “Кумтөрдүн” финансылык колдоосунун астында уюштурулду.

Келе жаткан күздө ысык-көлдүк жаштардын идеяларынан турган долбоорлорду конкурска кабыл алуунун экинчи этабы башталат. “Кумтөр” компаниясынын жетекчилигинин пикиринде, региондо биринчи иретте кайсыл маселелерди чечүү керектигин дал ушул жаштар көрө билип, алып кете алышат.



*Долбоор жазууда балдар бир катар кыйынчылыктарга туш болушту*



*“Кумтөр” 40тан ашык долбоорду каржылады*



*БАЕФ ысык-көлдүк жаштарга идеяларды иштеп чыгуу жана долбоор жазуу боюнча окууларды өткөрдү*

● КАЙРЫМДУУЛУК

# СПОРТТУК ЖЕҢИШТЕР ҮЧҮН!



"Кумтөр" компаниясынын жардамы менен Караколдун футбол боюнча кыз-келиндер командасы жаңы форма менен камсыз болушту.

Негизи эле "Кумтөр" компаниясы спортко байланыштуу демилгелерди жок дебей колдоп келет. Анын колдоосу менен «Хидаят» спорт клубу Тосордо дзюдо боюнча турнир өткөрсө, "Тур Инвест Групп" Саруудa грек-рим күрөшү боюнча мелдеш уюштурду.

Балыкчыдагы таэквондо боюнча федерациясына спорттук шаймандарды алып берди. Алар эл аралык, республикалык чемпионаттарга барып жүрүшөт. Мисалы, жакында эле спорттун аталган түрү боюнча Дүйшөмбү шаарында өткөн ачык чемпионатка катышып келишти. Тоңдогу жаштар комитети "Кумтөрдүн" колдоосу менен күрөш боюнча турнир өткөрмөкчү. Ошентип акыркы жаңылыктардын бири – Караколдогу футбол боюнча кыз-келиндердин командасы "Кумтөрдүн" жардамы менен жаңы формага ээ болушту, эми жаңы форма менен жаңы жеңиштерге, кыздар

# КАНАДА ЫСЫК-КӨЛДҮК УЗДАРДЫН КОЛ ЭМГЕКТЕРИН КӨРДҮ



"Кумтөр" ысык-көлдүк жөнөкөй элдин жашоосун жакшыртууга жардам бере турган узак мөөнөттүү долбоорлорго көп көңүл буруп келет. Компаниянын колдоосу астында "Жаштар банкы", мөмө-жемиштердин «Карагат+» демилгелери, Тоң менен жети-өгүздүктөрдүн ишмердүүлүгүн өнүктүрүү максатындагы "Бир айыл - бир продукт" долбоорлору иштеп жатат. "Кумтөр" байыртадан келе жаткан кыргыздарга тиешелүү кол өнөрчүлүктү да колдоого алган. Тактап айтканда, уздардын жасаган буюмдары Канададагы көргөзмөгө коюлса, Шор-Булак менен Бөкөнбаев айылында кийиз жасаган цехтерде жүн тыткан техникалар пайда болду. Ал эми жакында эле, 22-23-августта Тоң районунун Кызыл-Туу айылында "Кийиз Дүйнө" аттуу фестиваль өттү. Аны «Миң Кыял» фонду "Кумтөр" компаниясынын колдоосу менен уюштурду.

# БАЛДАР АЯНТЧАСЫ



"Кумтөр" компаниясы Балыкчы шаарындагы балдар аянтчасын жасалгалоого 2000 доллар карады.

Шаардын Заря деп аталган аймагындагы мурдагы бий аянтын кайрадан оңдоп-түзөп, балдар аянтына ылайыктап жасап чыгууга каражатты мэрия бөлдү. Ага кошумча аянтчаны карап, көзөмөлдөп туруу милдетин алды. Ал эми асынып-тартынуучу спорттук жабдууларды, селкинчектерди алууга акчаны "Кумтөр" берди. Бул жерге балдарды ойнотуп кетүү акысыз болмокчу.

# ЖАҢЫ МУУНДУН АКАДЕМИЯСЫ

Аз камсыз болгон үй-бүлөдөн чыккан, мектептин кечээки 10 окуучусу "Кумтөрдүн" финансылык колдоосу менен, Борбор Азиядагы Америка Университетинин (АУЦА) Жаңы муундар Академиясына өтөт. Компания окуу акысын гана көтөрбөстөн жатакана, тамак-аш жана зарыл болгон окуу куралдары менен камсыз кылууну да мойнуна алды. Интенсивдүү түрдө өтүлгөн бир жылдык курс менен Ысык-Көлдүн жаштары орто билимин дагы толуктап, андан сырткары жогорку окуу жайына тапшырууга даярдыктан өтөт. Бир окуу жылынын ичинде 60 саат бар. Стипендия ээлери англис, кыргыз жана орус тилдеринен, тарых, информатика жана так илимдер боюнча курстарды өтүшөт.




"Жаңы муун сыяктуу долбоор Борбор Азияда кездеше элек болчу Биринчи тандоо 2012-жылы өттү. Программанын максаты – мектептен толук берилбей калган маанилүү делген предметтер боюнча билимди бекемдөө. Академия алыскы аймакта жашаган, карапайым, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына, мыкты даярдыктан өтүп башкалар менен теңтайлаша, келечектүү жогорку окуу жайына тапшырып, мыкты студенттер менен чогуу окууга мүмкүнчүлүк берет",-деп түшүндүрдү Жаңы Муун Академиясынын директору Жанат Хетрик.

Бул долбоорду колдогон "Кумтөр" компаниясынын президенти Майкл Фишердин айтымында, программа республиканын бардык региондорун жана айыл жергесин камтыгандыктан, Академиянын жардамы менен окуудан айырмаланган, ийгилик менен эрктүүлүккө умтулган бүтүрүүчүлөрдүн келечекке карай сонун мүмкүнчүлүктөрү жаралды.

"Бул балдардын алдына койгон максаттарына жетээрине ишенем",-деп белгиледи ал.

# ЖАРЫМ МИЛЛИОН "АК-СУУДАГЫ" САНАТОРИЙДИН БАЛДАРЫ ҮЧҮН

Таянып-кыймылдоочу системалары бузулган балдар дарыланып жаткан "Ак-Суу" санаторийине, бардыгы жардам беришти деп айтсак болот. Жарым миллионго жакын суммага "Кумтөр" эмерек жана башка жабдууларды сатып берди. Республикадагы башка уюмдар да четте калган жок. Ачык түрдөгү "Кыргызалтын" акционердик коому менен трансулуттук "Дастан" корпорациялары ири белек берүүчүлөрдөн болуп калды. 100 миң сом президент Алмаз Атамбаевдин резервдик фондунан бөлүндү. Ушул эле сумма Жогорку Кеңештен каралды. Акчалай жөнөкөй жарандар да жардам көрсөтүштү. Эми балдардын реабилитация борбору ыңгайлуу жана жайлуу болуп калмакчы.



# АБАЛГА АРАЛЖЫ БОЛО ТУРГАН ГЕНЕРАТОР




Ысык-Көл областтык оорукананын 50 жылдык тарыхында биринчи ирет авариялык абал түзүлгөндө иштей турган генератор пайда болду. Мындай өтө керектүү жана баалуу жабдуу дарыгерлерге "Кумтөр" тарабынан белек кылынды.

"Караколдо электр жарыгы көп өчөт. Кээде операция жасап жаткан убакытта өчүп калат. Мындай учурда өпкөнү кол менен аппаратсыз иштетип, жүрөктүн согушун аппаратсыз өзүбүз көзөмөлдөгөнгө туура келет. Тилекке каршы, электрондук жабдууларсыз өмүр менен өлүм көзмө-көз келгенде медиктер алсыз болуп калат. Андыктан, мындай генераторго ээ болгонубуз, өтө зарылдык, бул аппарат бизге абдан керек",-деп түшүндүрдү оорукананын жетекчиси Токтобай Маанаев.

**Бетти даярдагандар Вера Семенова жана Асел Мамытова**

ЭМГЕКТИН АДАМДАРЫ

# «КАРАГАТ ФЕСТ» – БҮТҮНДӨЙ БИР ДУБАНДА ЖЕМИШ МАЙРАМЫН УЮШТУРДУ

*Тоң районунун Бөкөнбаев айылында багбандардын, кайра иштетүүчүлөрдүн жана мөмө-жемиш саткандардын башын бириктирген «Карагат фест» деп аталган фестиваль өттү. Бул майрам «Кумтөр» ишканасынын Ысык-Көл областында иштетип жаткан жергиликтүү аймактарды туруктуу өнүктүрүү программасынын алкагында уюштурулду.*




*“Арбын түшүм алам десең, мыкты сортторду танда”,-деп кеңеш берди карагат өстүргөн эже*

Петр Черняк,
которгон Азамат Бакытов

Ысык-Көлдө азыр туристтик сезон. Областта көл, пансионаттар, кумдуу жээктер гана эмес, даамдуу, сапаттуу жана уникалдуу айыл чарба продукциялары бар. Чындыгында көлдүн мөмө-жемиштери бизге келип даамын таткандар гана эмес, эл аралык деңгээлдеги агрария боюнча адистер тарабынан да өз баасын алган. Деңиз климаты менен тоонун абасынын уникалдуу айкалышы, таптаза экология – жергиликтүү жемиштер менен мөмөлөрдүн керемет даамын жаратхан.

Тилекке каршы, акыркы 20 жылда коомчулукта болгон өзгөрүүлөр Ысык-Көл областынын айыл чарба продукцияларын өндүрүүсүн бир топ аксатты. Статистиканын сандарын чукулап, фактыларды издеп деле кажети жок. Алма, өрүк трассалардын жээгиндеги сатыктын деңгээлине түшүп калды, а кезегинде бул жемиштер абдан көп көлөмдө өндүрүлүп, бир нече миңдеген тонналар менен кайра иштетүүгө жумшалчу. Биз ал кезди эстеп, муңайбай, азыр ошол жемиштердин келкелин кантип кайра алып келүүгө жасалып жаткан аракеттер тууралуу сөз кылсак.

«АВЕП» коомдук фонду «Кумтөр» компаниясынын колдоосу менен «Карагат +» деп аталган долбоорду ишке ашырып жатат. «Карагат +» долбоору Ысык-Көл областынын фермерлерин комплекстүү колдоп, мөмө-жемиштерди айыл чарбасынын бир канаты катары өндүрүүнү жандандырууга чакырган долбоор. Ага Ысык-Көл областында бардык шарттар бар, муну жандандырууга кадам таштаган демөөрчү болуп, “Кумтөр” компаниясы чыкты”,-деди Фонддун директору Максат Абдыкапаров.

“Долбоор фермерлердин кирешелерин жогорулатууга жардам берип жана регион үчүн айыл чарбасында пайдаланылуучу инновациялык ыкмаларды жана технологияларды өнүктүрүүгө жана кеңири колдонууга өбөлгө түзө тургандыгынан үмүттөнөбүз”,-деп айтты «Кумтөр» компаниясынын президенти Майкл Фишер.

«Карагат +» долбоору беш багыт боюнча иш алып барууда: ал питомниктерди өнүктүрүү, тамчылатып сугаруу, фермерлерди окутуу, наркына кошулган баа системасы (багбан, кайра иштетүүчүлөр, сатуучулар) жана сактоочу жайларды куруу. Долбоор үч жылда 300 миң долларлык бюджет менен иш алып барат. Эске сала кете турган акча “Кумтөрдөн” толугу менен бөлүнөт.

«Карагат +» долбоорунун алкагында карагат менен малинанын европалык сорттору сатылып келинген. Фермерлерге көчөттөр бөлүнүп берилип, питомниктер аныкталган. Ал эми жергиликтүү начарлап бараткан сорттордун сапатын жакшыртууга шарттар зарыл, албетте, атаандаштыкка туруштук берүү жагын эстен чыгарбаш керек.

Тамчылатып сугаруу дүйнөлүк тажрыйбада сыналып, түшүмдүүлүктү арттыруудагы кеткен чыгымды азайтуудагы бирден-бир ыкма болуп калган. Бул – суусу тартыш райондор үчүн жер иштетүүдө абалга аралжы болмокчу.

Багбандар менен керектөөчүлөрдүн ортосунда байланыш түзүп берүү үчүн да бир топ иштер жүргүзүлүүдө. Булар - продукцияны тапшырган, аны кайра иштеткен ишканаларды табуу, ташып жеткирүүнү уюштуруу жана бааны аныктаган менеджментти түзүү ж.б. Учурда фермерлер үчүн окутуулар жүрүп жатат. 40 фут болгон стандарттык контейнерлердин базасында анча кымбат эмес теплицаларды жана жашылча сактоочу жайларды жасоо кол жеткен иш болуп калды. Фермерлердин өзүнө ылайыктаган ишин жүргүзгөнгө жардам бере турган чакан кредиттик уюмдар иштеп жатат.

Ушул жетишкендиктердин бардыгы Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги Бөкөнбаев айылында август айында өткөн «Карагат Фест» майрамында элге көрсөтүлдү. Көргөзмө-жармаңке мөмө-жемиштерди сатып эле кетип калган жай болбостон, кызыккан тараптардын бири-бири менен таанышып, иштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, кызматташууну талкуулап, байланыш түзгөн жерге айланды. Ал – бизнес менен өкмөттүк эмес сектордун Ысык-Көлдүн экономикалык маселелерин, дегеле коомдук көйгөйлөрүн чечкенге жардам бергендигине эң сонун мисал катары кызмат кылмакчы. Бул эми Кыргызстандын бардык аймагында өзгөрүүлөргө чыныгы катализатор болуп калат деген үмүт жаралды. Себеби, Кыргызстандын кайсы гана бурчунан болбосун Ысык-Көл областындагыдай атаандаштыкка туруштук бере ала турган уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү таап чыкса болот.

Акырында, эмне үчүн ушундай ири агродолбоорго карагат тандалып алынды деген суроого жооп айтсак. Бул инвестордун тандоосу болгон. “Кумтөр” карагатты кайра жаралуунун символу катары алып чыгууну сунуштаган. Карагат – регион үчүн мүнөздүү болгон, даамы керемет жемиш. Ал эми долбоордогу “+” деген белги бул – чие, малина, алма, алмурут, өрүк жана дагы бир катар мөмө-жемиштер жана дагы башка айыл чарба продукциялары. “Миң уккандан бир көргөн” демекчи, сүрөттөн көрүп эле тим болбостон, алардын даамын да татып көрүш керек, окурман.



# Экстремалдык спорт дүйнөсүнүн эки түрүнүн тарыхынан:

## Биринчи баян. Александр Губаев. Карагат – альпинисттин пикири боюнча чемпион

Александр Губаев – биз үчүн өтө таасирдүү инсан. Биздин спортчулардын ичинен чет мамлекеттерге да таанымал болуп калган экстремал. Башка альпинисттерден айырмаланып, кыргыздын жети миңдик төрт чокуларын бир сезондо багындырган адам. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар менен алып чыккан долбоорлору аны коомдук ишмер катары тааныткан. Дагы бир учуру – Түндүк Американын эң бийик чокусу Мак-Кинли пигин буту баспаган альпинист-спортчулар менен барып багындырып келгени эле. Эгемендүүлүк тарыхыбыздагы өткөн эң маанилүү делген спорттук иш-чара - Мультиспорт боюнча дүйнө чемпионатынын финалындагы «Рейд Голуаздын» негизги катышуучуларынын бири болгон. Александр Губаев планетадагы жетүүгө кыйын болгон К2 деп аталган пиктин чокусунда курман болгон.

Губаев жашоосунда шатыра-шатман жүргөн, шайыр адам, анан да мекенинин патриоту эле. Кыргызстандагылардын баары ага кызык да, ыйык да болчу. Альпинисттердин арасында ооздон-оозго өтүп, айтылып жүргөн бир окуя бар. Окуя 2001-же 2002-жылы Екатеринбургда бекен же айтор, Сибирдин башка бир шаарында болуптур. Альпинисттер отуруп жаңы эле чыгып келген чокусун эстеп, анан сөз тамакка жетиптир. Алар бийиктикте эмне жеш керек, эмне ичиш керектигин талашып башташат. Ар ким өзүнүкүн бербейт. Ар кайсы жемиштин башын айтышат. Кычкылтек азайган андай бийиктикте кадимки жай жашоодогу адамдар сезе албаган кыйынчылыктар менен өзгөчөлүктөр болот. Сибирликтер өз аймагында өскөн жемиштерге жетери жок деп манжа менен санап, сөзгө кезек бербейт. Альпинисттердин бир даарынын каны кайнап, аз эле жерден мушташып кете жаздаганга, Губаев рюкзагынан банка суурул чыгат. Аны ачып, кумшекерге аралаштырылган Караколдогу ата-энесинин огородунан терилген карагатты спортчулардын алдына коёт. Аны көргөн беркилер ызылдашканын токтотуп карап калышат. Ал эми кадимки карагат жөн адамдар эмес альпинисттерди элдештирип, кепке келтириптир.

## Экинчи баян. Даг Кумбс: “Мындай даам башка эч жерде болбойт!”

Америкалык Даг Кумбс – жыйырманчы кылымдын аягындагы эң мыкты деген лыжачы. Анын лыжа тепкенин көргөн планетадагы канча миллиондогон адамдар спорттун бул түрүнө байланып калышпады дейсиз. Жогорку деген турнирлерде эч кимди алдына салган эмес. Дүйнөнүн эки жолку чемпиону болгон, бир канча фильмдерди тартууга катышкан. Биз айтып бере турган окуя 1996-жылы «Adventure» телекомпаниясы менен бирге Кыргызстандын тоолорунда тасма тартууга келгенде болуптур.

Хан-Теңир тоосунун түштүк-чыгыш тарабынан түшүп, Эңилчек дарыясы менен келип, Мерцбахер көлүнө токтошот. Даг дүйнөлүк атак-даңкка ээ спортчу гана эмес, гурман экендигин да ошол мезгилдери көрсөткөн дешет. Караколдун помидорлоруна тамшанып, дүйнөнүн жарымысын айланып чыксам да мындай даамды таткан эмесмин деп жегенин айтышат. Экспедиция негизги максат болгон Эңилчек мөңгүсүнө жакындаганда Даг Кумбска кымыз менен беш бармак берип сыйлашыптыр. Кымызды да ал “түтүн сымал сүт” деп атап, ырахаттана ичиптир. Экстремалдык бөлүккө киреберден мурун, адаттагысындай жергиликтүү тамак-ашка болгон таңдануусун видеокамерага жаздырыптыр. Бирок, ал Хан-Теңирден түшкөндөн кийин, аялы Эмели (лыжа боюнча ал да дүйнө чемпиону) кумшекер аралаштырылган карагатты кашык менен суна коёт. Даг Кумбстун карагатты оозуна салгандан кийин оператор камерага жазып алган сөз: “Мындай даам башка эч жерде болбойт!” деген тамшануу экен.



Влад Ушаковдун сүрөттөрү



Жергиликтүү жемиштердин даамы, ай!



Фото: Влад Ушаков

Бул жерде каалasaң ананас өстүр, бирок, өрүк менен карагат турганда, анын эмне кереги бар дейм да?



Влад Ушаковдун сүрөттөрү

● АРДАГЕРДИН ПИКИРИ

# ЫНТЫМАК БАР ЖЕРДЕ ЫРЫС БАР

*Жакында Каракол шаарында Ысык-Көл аймагынын Ынтымак форумунун өткөрүлүшү жалгыз эле Көл аймагы эмес, жалпы эле республикадагы маанилүү окуялардын бири болуп калды.*

Ж.Шарапов,
областтык ардагерлер кеңешинин төрагасы,
КРдин айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер.

Кийинки мезгилдерде өлкөбүздө калкыбыздын кылымдардан бери келаткан жөрөлгөлүү салт-санаалары толук сакталбай, улуулардын айткандары көңүлдөн сырткары калып, бир аз наразылык боло калса эле мыйзамсыз митингге чыкмай, жол тосмой сыяктуу жарамсыз адаттар пайда болду. Мунун кедергиси өндүрүштүк иштерге, туристтик сезонду күткөндөгүдөй деңгээлде өткөрүүгө да тийүүдө. Албетте, турмуш толук оңолуп кете элек, жергиликтүү бийликтер тарабынан чечилбеген маселелер да бар. Антсе да, аларды өз ара сүйлөшүү, шарт-жагдайды түшүнүшүү жолу менен деле чечсе болот эмеспи.

Ысык-Көл аймагынын Ынтымак форумуна Бишкек шаарындагы Көл аймагынан чыккан көрүнүктүү адамдар, өрөөндүн кадырман аксакалдары, жергиликтүү бийликтердин, өкмөттүк эмес уюмдардын жетекчилери, жаштар уюмдарынын, маалымат каражаттарынын өкүлдөрү катышты.

Иш-чараны Кыргыз Эл жазуучусу, Кыргыз Республикасынын Баатыры Бексултан Жакиев алып барды. Кыргыз Өкмөтүнүн областтагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эмил Каптагаев улуттук салт-санаабыздын уруунттуу жагдайларына токтолуп, калкыбыздын биримдик, ынтымак-ырашкерчилик сыяктуу бийик сапаттарынын азыркы оош-кыйыштуу мезгилдеги өзгөчө маанисине, облусту өнүктүрүү боюнча алдыдагы милдеттерге кеңири токтолду. Социалисттик Эмгектин эки жолку жана Кыргыз Республикасынын Баатыры Т.Акматовдун, коомдук ишмерлер И.Абдуразаковдун, Ж.Сааданбековдун, Кыргыз Эл жазуучусу К.Ашымбаевдин сөздөрү, өзгөчө жаштар уюмдарынын өкүлдөрүнүн ой-пикирлери, конкреттүү айтылган сунуштары чоң көңүл бөлүү менен угулду.

Албетте, буга чейин деле, азыркы учурда деле ар кандай жагдайда жыйындардын өтүлүшү жаңылык деле болбой калды. Бирок, көлдүктөрдүн Ынтымак форуму жогоруда белгиленгендей, коомубузда оош-кыйыш окуялар көбөйүп турган мезгилде өтүлгөнү, ага жаштардын, орто жана улуу муундагы адамдардын катышкандыгы, көңүлдүн борборуна азыр кайда болбосун жетишпей турган ынтымак маселеси коюлуп, регионду экономикалык жактан өнүктүрүү жагдайына өзгөчө басым жасалгандыгы менен айырмаланды деп түз эле айтууга болот.

Жыйындан кийин анда козголгон жагдайларды жөнгө салуу, айтылган сунуш-пикирлерди турмушка ашыруу үчүн кеңири резолюция, калайык-калкты биримдикке, ынтымакка чакырган үндөө кабыл алынды. Иш-чара өз ара түшүнүшүү кырдаалында өтүп, максатына толук жетти деп эсептейм. Эгер көлдүктөрдүн Ынтымак форуму, анда козголгон маселелер, белгиленген багыттар өлкөбүздүн калган региондору тарабынан да колдоого алынса, чоң пайдасын берээри шексиз.




Ачыгын айтканда, Ысык-Көл жергеси илим-билимге, адабият-маданиятка эрте аралашып, андан ушул тармактардын көрүнүктүү адамдары да көп чыккан эмеспи. “Башкасын коюп Манасты айт” дегендей, Көл өрөөнүнөн жети Акенин чыгышы эле эмне деген улуу касиет! Алар өздөрүнүн кара кылды как жарган калыстыгы, даанышмандыгы, алдыда боло турган иштерди алдын-ала билип турган көсөмдүгү менен “Аке” деген улуу атка ээ болуп, кылымдар өткөнүнө карабастан көпчүлүктүн жүрөгүндө жашап келатышат. Алардын артында калтырган улуу сөздөрү мезгил өтсө да көөнөрбөй, улам кийинки муундарга жашоонун, эмгектенүүнүн айкын жолун көрсөтүп келет.

Бул жолу Ынтымак форумунун эртеси Каракол шаарындагы ипподромдо ушул жети Акенин Кубогуна арналган улуттук ат оюндары боюнча мелдештин өткөрүлүшү көпчүлүктүн жарпын жазып, жогорудагы иш-чаранын маани-маңызын дагы жаңы деңгээлге көтөрүп койду десек болот. Иш-чарага тиги жагы Казакстандан, бул жагы Талас, Нарын, Чүй облустарынан, Бишкек шаарынан бери күлүктөрүн, жорголорун алып келип, өнөр жарыштырган адамдар көп болду. Байге фонду бир жарым млн. сомду түзүп, “аламан байгенин” жана “чоң жоргонун” башкы призderине жеңил автомашиналар коюлду. Айтор, ипподромдун айланасы бир күн бою маймамдык шаңга бөлөнүп, ага чогулган көпчүлүк калкыбыздын кылымдар артта калган шаан-шөкөттүү бир учуруна кайрылып баргандай, улуттук салт-санааларынын толкунуна кабылгандай эле болушту.

Азыр өлкөбүздө бир катар өзгөрүштөр бар. Ынтымак форумунда белгиленгендей, ички-тышкы байланыштарыбыз чыңдалып, карыздарыбыз кечилип жатат. Россиянын көмөгү менен ГЭСтердин курулуштары башталды. Сары-Жаздагы кен байлыктарды иштетүү, сырттан инвестицияны кеңири тартуу боюнча да күтүлүп жаткан кадамдар бар. Бирок, ушул сыяктуу саамалыктардын, башка жагдайлардын жүзөгө ашуусу үчүн ынтымак керек. “Ынтымак бар жерде ырыс бар” дегендей, жогорудагы Ынтымак форуму өз натыйжасын берип, ишибиз илгерилейт деген чоң үмүт менен турабыз.

● СУНУШ

# “КУМТӨР” ЖӨНҮНДӨ КЕҢИРИ БИЛДИК

Канадалыктар менен бирге “Кумтөр” алтын кени иштетилип, андан республиканын, Ысык-Көл облусунун экономикасын көтөрүп, социалдык маселелерин чечүүгө канчалаган колдоо көрсөтүлүп жатканын жакшы эле билебиз. Булар тууралуу облустук “Ысык-Көл кабарлары” гезити жетишээрлик эле жазып жатат. Облустун ар кайсы райондорунан барып, “Кумтөр” алтын кенинде иштеп жаткан жигиттер менен да кезкез баарлашып, алардын жашоо, иштөө шарттары, аларга көрүлүп жаткан камкордук тууралуу маалымат алып турабыз. Алтын кенинин алгылыктуу жактары тууралуу кеңири айтылып, жазылгандыктан, ал жакка барып иштөөнү каалаган жаштар да көп.

Жакында “Кумтөр Голд Компанинин” буюртмасы менен облустук “Ысык-Көл кабарлары” гезитинин экологиялык маселелерге арналган атайын санынын кеңири нускада чыгарылышы облустун тургундары үчүн жакшы жаңылык болду. Гезитте “Кумтөр” алтын кенинин биотүрдүүлүктү сактап калуу боюнча жүргүзүп жаткан иштери, Жети-Өгүз районунун тургундарынын ден соолуктарын текшерип чыгуунун жыйынтыктары, жаратылыш кырсыктарын токтотуу, көлдүн тазалыгын, анын экосистемасын сактоо аракеттери, Жети-Өгүз районунун айрым айыл аймактарында жерлерди реабилитациялоо боюнча “Кумтөрдүн” колдоосу менен жүргүзүлүп жаткан иштер, Каракол шаарындагы зоопарктын абалы, дегеле экологияга байланышкан көп маселелер чагылдырылыптыр. “Кумтөр Оперейтинг Компани” ишканасынын президенти Майкл Фишердин расмий маегинен да өзүбүз кызыккан көптөгөн суроолорго жооп таба алдык.


Албетте, эл ичинде ар кандай ой-санаадагы, түрдүү түшүнүктөгү адамдар бар эмеспи. Алар тарабынан “Кумтөр” алтын кенинин жаратылышка келтирип жаткан зыяны, элдин ден соолугуна тескери таасирин тийгизгени, компаниянын дамба, калдыктарды сактоочу жай сыяктуу айрым объектилеринин опурталдуу экени тууралуу ар кандай сөздөр айтылып келүүдө. Мындай сөздөргө ишенгендер да жок эмес. Дуулдаган кептер жүрүп жатса, элге учурунда туура маалыматтар жеткирилбесе ишенет экенсиң да. Ушул ыңгайдан алганда, мен “Кумтөргө” байланыштуу облустук гезиттин жогорудагы атайын санынын чыгарылышы учурунда жасалган иш-аракет деген ойдо калдым. Алтын кенине байланыштуу материалдар Россиянын гезиттерине, биздин республикалык басылмаларга деле берилип жүрөт. Бирок, алар облустун тургундарына жетпегендиктен, “Кумтөргө”, анын экологияны сактоо боюнча иш-аракеттерине толук көзүбүз жетпей келатканы шексиз.

Менин акырында айтаарым - облустук гезит жогоруда аталган канадалык компания менен бирдикте басылманын ушундай сандарын айына болбосо да кварталына бир жолу чыгарып турса, көпчүлүккө туура маалымат жеткирүүгө чоң өбөлгө түзүлөөр эле.


***Ш.АСЫЛБЕКОВ,***
***Түп району,***
***ардагер педагог***

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| РФ кино сыйлыгы | 21-кылымдын чумасы | | | | | Планета | Наам, ранг | | | | Төрт түлүк | Күрүчтөн жасалган сый тамак | ... сабагынан алыс түшпөйт | | | | Эне | Намазга чакыруу |
| | Жыт | Эдгар... (жазуучу) | | | | | Дарт | Ас | | | | | | | | Чиркөө чырагы | ...Ормонов, экс-депутат | |
| | | Прокурор жазып берет | Заряд бөлүгү | | | | | Зек керебети | Төө | | | | | | Бий кадамы | ...-Тоо | | |
| | | | Жаңгак уюлу | Калың кездеме | | | | | Акчага мелдешүү (англ.) | Жер чукугуч темир | | | | Венгер акыны | Кыргыз тилиндеги жөндөмө | | | |
| | | | | Үйлөмө аспап | Баа | | | | | Тик учак маркасы | “Балка” атка конгон жазуучу | | | Сүйлөө органы | | | | |
| Бир аз туруп | | | | | Рак, омар | Меккедеги таш | | | | | | Алмурут | Үй канаттуусу | | | | | «Катын алсаң …ал» |
| Аборигендер жеп койгон | | | | Анита… | Жер байлыгы | | | | Мурунку Персия | Учак маркасы | | | Шоола | Буума оору | | | | Геометриялык фигура |
| | | | ...Чен Ир | Аяк | | | | ... кылсаң - берекет | ...Чумак | | | | | “Жигули” | Кассовый... | | | |
| | | Суу унаасы / Канаттуулар үйү | Кашалот | | | | Бакыт, таалай, жыргалчылык деген мааниде | Кавказ тургуну | | | | | | | 12 дюйм | Q | | |
| | Жардам сигналы | Кыз кылыгы | | | | Биринчи жактын көптүк түрү | ... атка така как | | | | Көлдүкчө байке | Микроавтобус, Латвия | | | | РФ эстр. топ ...-2 | Жер өлчөм | |
| Балдар оорусу | Нота | | | | Душман | ... ийилет - сынбайт | | | | | | Чабуул | Бата | | | | | Күлкүлүү чыгарма |
| | | | | Биринчи кеме жасаган | Аквариум балыгы | | | | | | Байланыш, карым-катнаш | Күлкүлүү чыгарма | | | | | | |

# БАЛДАР БУРЧУ



ЛАБИРИНТ



БИРИКТИР

ГЕЗИТ ЭЭСИ: Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясы. Гезит жума күнү чыгат. Юстиция башкармасынан өткөн катталуу күбөлүгүнүн №000687

Башкы редактор А. Б. ЭГЕМБЕРДИЕВ

БИЗДИН ДАРЕК: 722360, Каракол ш., Ю.Абдрахманов көч., 105, 1-кабат. Телефондор: кабылдама: 5-26-38, секретариат: 5-32-20, кабарчылар: 5-32-20, 5-33-72, бухгалтерия: 5-32-13 Электрондук почта: kabarlar2011@mail.ru

ЭСЕПТЕШҮҮ ЭСЕБИ:Иссык-Кульский филиал ОАО «РСК Банк» г.Каракол БИК 129013 Лицовой счет 4404071103006049 Каракольский РОК р/с 1290132382210016

Гезит “Рубикон” ЖЧК басмаканасында басылды. Дареги: Бишкек ш., Үсөнбаев көч. 2.

Буйуртма: 547 Нускасы: 30 000

Бул санга жооптуу З.Касымалиев. Рекламалык материалдар белгиленген өлчөмдөгү баада жана келишимдик негизде кабыл алынат.

Редакция авторлордун жарыяланган макалалары үчүн жоопкерчиликти өзүнө албайт.

● СПОРТ

# ВЕЛОЖАРЫШ МЕНЕН ЭЛДИН ЖАРПЫН ЖАЗДЫК, МЕКЕНИБИЗДИ ДАҢАЗАЛАДЫК

"Ысык-Көл Гран-при - 2013" деп аталган жыл сайын өтүүчү веложарыш фестивалы да аяктады. Жеңгендер байге утуп, калгандары катышканынан ырахат алды, башкысы – өлкөбүздүн маанилүү болгон туристтик аймагын жарнамалап алууга жетиштик.

Павел Чернышов,
которгон Азамат Бакытов

Велосипед – сергек жашоо образын жактаган адамдар менен экологдордун сүйгөн унаасы. Кыргызстанда бул көңүл борборундагы нерсе. Курорттук аймак – биздин коомчулуктун глобалдуу көйгөйлөргө мамилесин көрсөтө турган ылайыктуу жай. Ысык-Көл фестивалын өткөргөндөр дүйнөлүк мындай тренддин ийгиликтүү айкалышуусун таамай таап чыгышыптыр, сергек жашоо образы, курчап турган чөйрөнүн экологиясы менен кошо" веложарыш же велочуркоо" иш-чарасын туристтик аймакта өткөрүштү. Кандай болор экен деп турушкан... Буга акча да табылды, адаттагыдай эле бул кезектеги жакшы маанай тартуулаган майрамды «Кумтөр» колдоп берди.

**Жарыш жөн жай эс алуудан башталат**

"10-августта Ысык-Көлдө «Ысык-Көл Гран-при - 2013» веложарышы өтөт",-деп билдиришкен уюштуруучулар алдын ала. Жолдун узактыгы велосипед тепкендер үчүн 97 чакырым (Балыкчы - Тоң) болору да алдын ала маалымдалган. Каалагандар анын алгачкы бөлүгүн гана өтсө болору (32 чакырым) айтылган. Жарышка катышкандар каалоосуна жараша жалгыздап жана команда менен катышары кошо эскертилди.

Балыкчы. Ишемби, 10-август. Эртең менен. 200гө чукул адам жарышка катышууга чыгышты. Элдин көзүнө көп түшкөн катышуучулар – Роза Отунбаева менен Марат Жуманалиев болду. Биринчи катышуучу экс-президент экендиги менен белгилүү болсо, экинчиси кээ бир маалыматтар боюнча боюнун узундугу (2,2 м.) менен көптөргө таанымал дешти. 200 адамдын бир учурда старт алышы эл аралык стандарттарды кармануу болду. Жарышам дегендердин саны легендарлуу «Тур де Франс» мындай калсын. Коңшулар Казакстан менен Өзбекстандан иш-чарага катышып, эл аралык деген статусту кошо ала келишти.

Жарыштын биринчи бөлүгү – олимпиадалык "башкысы байге эмес, катышуу" деген принципти кармагандар үчүн болду. Ошентип, бул бөлүгүн күрөө тамырларды чыңалтып, эриндИ кырча тиштеп жарышуу эмес, велосипед тээп эс алуу, ырахат алуу бөлүгү болду десек жарашчудай.

Калың элдин арасынан Канат аттуу жигит велосипед тепкендердин көпчүлүгүнүн пикирин айткандай болду. "Мен Ысык-Көлдүн жолунда транспорттун ар кайсы түрү - ат мингенден тарта автобуска түшүп каттадым, бирок, анын ичинен велосипед менен жүргөнгө жетпейт. Айланаңдагы кооздукка шашпай көз салып, көлдү жээктеп кете берсең болот. Аба деги таптаза",-деди Канат.

Бир нече чакырымга созулган ар кыл түстөгү кербен жолду ээледи. Андан соң, буга чейин жөн гана велосипед тепкендер эми жарышка түштү.

Тилекке каршы, Балыкчы жолунун 32-чакырымында фиништер ортосун белгилеген жерде кырсык болуп кетти. Үйлөнүү тоюна бараткан автоунаалардын айдоочусу жолдун жээгинде турган кабарчылардын тобун коюп кетти. Кырсыктын кесепетинен, 5 журналист жана жарыштын 2 катышуучусу жабыр тартты (Кудайга шүгүр, алардын абалы азыр жакшырып калды). Машина сүзгөн журналисттер Балыкчынын ооруканасына ыкчам жеткирилип, ал жерден биринчи жардам көрсөтүүгө көзөмөлдү экс-президент Роза Отунбаева жана "Кумтөрдүн" басма сөз кызматы өз колуна алышты.




*Жарышам дегендердин саны боюнча «Тур де Франс» мындай эле калды*

Иш-чаранын спорттук бөлүгү андан ары уланды. Жарыш эми жөн гана эс алуу, айлана-чөйрөнүн кооздугуна суктанып көз чаптыруу эмес, кадимки теңтайлашууга, күчтөрдүн сынашына айланды. Бул – жеңиш үчүн тер төгүп атаандашуу, чыныгы спорт болду.

Спорттун албетте, жеңүүчүлөрү, марага жетип байге алгандары болот. Аларга «Кумтөр Оперейтинг Компани» байгеге деп велосипед менен анын ар кандай шаймандарын даярдаптыр. Кыз-келиндер арасында байгелүү орундарды: Анна Шейко, Дина Турганбаева жана Чолпон Асанкулова ээледи. Ал эми жергиликтүү жарышкандардан Нурлан Абдулаев, Русланбек Асан уулу жана Чынгыз Жолболдиевдер жеңүүчү болушту. "Шайтан арабаны" жакшы көргөндөр деп аталгандардын катарын толуктап, Ильяз Чокоев, Мамыркан Урманбетов жана Дмитрий Тизенков байге алышты. Санап өткөндөрдүн баары биздин мекендештер. Ал эми профессионалдар арасынан мыкты жыйынтык көрсөткөн алматылык спортчулар Максим Сотников менен Бахыт Бердалы аттуу жигиттер болду. 3-орунду бишкектик Алексей Михайлов алды.

Командалык эсепте Леонид Милюков, Олег Собко, Валерий Копытин чемпион деп табылды. Экинчилерден марага келгендер Бахтияр Аляхунов, Сахат Аширов, Александр Ли байгеге жетти. Үчүнчү орунду – ардагерлер командасы Рыскул Жумалиев, Адил Жумадилов жана Адыл Байгазиев алып кетишти.




*Башкысы жеңиш эмес, катышуу, көтөрүңкү маанай!*



*Экс-президент Роза Отунбаева эми веложарыштын башында турду*